12 Ар кимден калган ар кептер



9 «Ишти 2-3 миң сом менен баштаса болот»




# САРЕСЕП

saresep.kg

28-июль, 2016-жыл
№29 (62)
Калыс көз караш!


## Ааламда соолугус кудурет инсандыкка не берет?



10-бетте



Өлкөбүздө жогорку билимдүү жумушсуздар көп

6-бетте



“Кыргызстандын өзүнүн улуттук кызыкчылыгы бар”

7-бетте



Китеп окубагандан коркуу керек

8-бетте

Саресеп гезитинин урматтуу абоненти жай айларында дарек которсоңуз 0773 38 26 25 телефонуна билдирип коюңуз!




# 6 айда камсыздандыруудан 12,5 млрд. сом чогулган

2016-жылдын алты айынын жыйынтыгы менен Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду тарабынан камсыздандырууга төлөнгөн акчадан 12,5 млрд. сом чогулган. Бул тууралуу кечээ Социалдык фонддун төрагасынын биринчи орун басары Медер Ирсалиев фонддун коллегиясынын жүрүшүндө билдирген.

Анын айтымында, көлөмү 17 млрд. 388 млн. сомду түзгөн пенсиялар жана башка социалдык төлөмдөр толугу менен каржыланган. 2016-жылдын 1-июлуна карата фонддун карызы жок.



# Өндүрүш жетекчилери штаттарын кыскартууда

2016-жылдын 2-кварталынын башында өндүрүштүк мекемелердин жетекчилери каржы кыйынчылыктары 18,2%га жана өндүрүштүн 16,6%га төмөндөп кеткенине байланыштуу кызматкерлеринин санын кыскартты. Бул тууралуу Улуттук статистикалык комитеттин өндүрүштөрдүн иш активдүүлүктөрүн изилдөөнүн жыйынтыгында айтылган.

Сурамжылоолордун негизинде жетекчилердин 63%ы кызмат орундарынын санын сактап калышкан.

2-кварталда ички базарда өндүрүлгөн өндүрүмгө атаандаштык күчөдү деп 53,9%пайыз ишкерлер айтса, 28,7% ишкер анын өзгөрүлбөй тургандыгын айтышкан. Ал эми сырткы базарда болсо атаандаштык 26,3% жана 30,6% болгондугун айтышат.

Ишкана жетекчилери өндүрүштүн өсүшүн каржылык кыйынчылыктар 42,6%, өлкө ичинде өндүрүмгө талаптын жоктугу 26,3%, буюртмачылардын акча төлөөгө жөндөмсүздүгү 44,5% чийки зат менен материалдын таңкыстыгы 0,3%, салык саясатынын туруксуздугу 17,2%, электр энергиясынын өчүрүлүшү 16,6% токтотуп турат деп эсептешет.

Ишканалардын экономикалык абалын баалоодо респонденттердин дээрлик көпчүлүгү (64,3%ы) канааттандыралык деп эсептесе, 20,1%ы жакшы, 15,3%ы начар деп баалашкан.



# Мамлекеттик ипотекалык компанияга бүтжеттен 3,7 миллиард сом ссуда берилет

"Жеткиликтүү турак-жай" программасын ишке ашыруу үчүн Каржы министрлиги Мамлекеттик ипотекалык компанияга 3,7 миллиард сом ссуда берет. Бул тууралуу аталган компаниянын директору Бактыбек Шамкеев билдирди. Анын айтымында, буга чейин ипотекалык компанияны Кыргыз-орус Өнүктүрүү фонду каржылары мерчемделген. Бирок бул мерчем үзгүлтүккө учурап, мамлекеттик бүтжеттен каржылоо чечими кабыл алынды.

Шамкеев кошумчалагандай, Ипотекалык компания Курулуш жана архитектура агенттиги менен кызматташып, алар курулган имараттардын сапатына көзөмөл жүргүзөт.

Кыргыз өкмөтү "Жеткиликтүү турак-жай" программасын ишке ашыруу үчүн Мамлекеттик ипотекалык компания түзгөн. Бул компания бүтжеттик мекемелерде иштегендерге арзан турак-жай куруу үчүн 10 жылдан ашык убакытка ипотекалык насыя берүүнү караган. Бирок айрымдар бул шарттар мамлекеттик кызматкерлерге ыңгайсыз деген жүйө менен насыя алуудан баш тартышкан.




# 6 айдын ичинде салык кызматынын 20 кызматкери жазаланган

2016-жылдын биринчи жарым жылдыгында Мамлекеттик салык кызматына жарандардын арыз менен кайрылуусунан улам 20 кызматкерге карата дисциплинардык чара көрүлгөн. Бул тууралуу Мамлекеттик салык кызматынын (МСК) пресс-кызматы билдирет.

Бир кызматкерге кызматына дал келбей тургандыгы эскертилсе, төрт кызматкер катуу сөгүш алган. Ал эми 7 кызматкер сөгүш алса, 8 кызматкерге эскертүү берилген. Бул чаралар жарандардын 7 кайрылуусунун негизинде ишке ашырылган. Борбордук аппараттын "ишеним телефонуна" жарандардан 10 кайрылуу келип түшкөн. Анын ичинен 5 факт далилденген. 3 факт такталган жок. Ал эми 2 факт учурда каралып жатат.

Жалпы жонунан биринчи жарым жылдыкта МСКга ар кандай арыздар менен 118 жаран кайрылган. Анын ичинен 40ы электрондук почтага келген. Аймактык салык органдарына 62 кайрылуу болсо, анын 17си электрондук түрдө болгон.

Ошондой эле 6 айдын ичинде МСКнын жетекчилиги 68 жаранды кабыл алса, анын ичинен 21 адам жеке суроолор боюнча кайрылганын пресс-кызмат билдирген. Салык мыйзамы боюнча 31, социалдык маселелер боюнча 7, кадрлар боюнча 9 адам берген суроолоруна жооп алышкан.



БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Эрк менен мыйзам тогошкон бүтүм

Англис тилинде "deal", орусча "сделка" деген сөз кыргыз сөздүктөрүндө "бүтүм" деп которулат экен. "Бир бүтүмгө келдик" деген кеп биз айталы деген мамиленин маанисин так берип тургансыйт.

Бул түшүнүктү эң биринчи философиялык жана юридикалык термин катары колдонгон немис доктринасы: "Бүтүм – мыйзам чегинен чыкпаган жеке эркти колдонуу аркылуу кандайдыр бир укуктук натыйжага жетүү" деп ачыктаган. Бул түшүнүк жеке эрк менен мыйзам ортосунда ишке ашкан келишим катары да айтылып келет. Ошондуктан эрк жана эркти колдонуу укук менен тастыкталмайынча, бүтүм чыгарылган болуп эсептелбейт.

Бүтүмдү бүтүм сымал аракеттерден айрып караш керек. Эгер бүтүм тараптардын ниеттерине дал келбесе, башкача айтканда, бүтүм чыгаруу зордоо, же алдоо менен коштолсо, ал күчүнө кирди деп эсептелбейт.

Батыштын экномикалык мамилелер, саясат же сот жөнүндө тартылган тасмаларында тараптар бири-бири менен сүйлөшүп, бир бүтүмгө келгенге аракет кылышат. Бүтүм эки тараптын тең убактысы менен каражатын үнөмдөп калууга мүмкүнчүлүк берет. Бүтүм чыгарылып жатканда тараптар бардык маселелерди так жана ачык сүйлөшүп алууга аракеттенет. Аларда бүтүм аркылуу бүтүрүлбөгөн бир да маселе жок. Бүтүмгө жетүү үчүн бардык сүйлөшүүлөргө, ар кандай соодаларга жол ачык. Болгону «Анын бедели канча турат?» деген гана маселе турат. Бир чети биздин кыргызчылык эле жакшыбы деп ойлоп кетесиң, бирок...

Өлкөбүздүн кайсыл жерине барбагын чала сүйлөшүлгөн, чала түшүнүлгөн, алдоо жана коркутуу менен коштолгон бүтүмдөрдүн кесепетин көрсөң болот. Бул корпоративдик, тактап айтканда, биргелешип иш алып баруу маданиятынын жоктугунан дешет. Бирок бул маданият тиешелүү мыйзамдардын кабыл алынуусуна жана ал мыйзамдарды бардык тараптардын аткаруусун көзөмөлдөп, жөнгө сала алган мажбурлоо аппаратынын так иштөөсүнө байланыштуу. Мажбурлоо аппараты бул аткаруу бийлиги экени баарына маалым. Бирок бул бийликти тиешелүү кадрлар менен камсыздоо механизмдери ушул убакка чейин калыптанып бүтө элек. Мындай кадрлар келмейинче, борбордо миң эксперт менен биргелешип кабыл алган сонун мыйзамдардын бири да иштей албайт. Демек, эрк менен мыйзамдуулук тогошкон, укуктун иш жүзүндө иштешин камсыздаган бүтүмгө келүү да кыргыз турмушунун адаты болуу маалы кечеңдейт.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:**
Тел.: (0312) 45 48 68, (0702) 00 45 71
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6000**
**Буйрутма № 1687**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# "Себат" - каракчылардын тобу эмес, "Себат" - мектеп



**Түркиянын тышкы иштер министринин Кыргызстандын Өкмөтүнө "Себат" билим берүү системасын жабуу боюнча кайрылуусу көпчүлүктү таң калтырып да, кыжырын да кайнатканга жетишти. "Эгер аларда учурда терроризм маселеси жаралса, бул жерде 20 жылдан бери аракет кылып келе жаткан "Себаттын" буга кандай тиешеси бар", - деп Кыргыз Республикасынын Улуу Британиядагы мурунку элчиси публицист Кубан Мамбеталиев өз оюн билдирген:**

– Себаттын бүтүрүүчүлөрү дүйнөнүн белгилүү университеттеринин дипломдоруна ээ болушуп, учурда топ-менеджер, мамлекеттик кызматкер, мугалим, илимпоз болууга жетишип калышты. Учурдагы түрк бийлиги "Булар Кырызстанда мамлекеттик төңкөрүш жасаганга даярданып жатат" деп эскерткендей ишаарат кылып жатышат. Чындыгында, алар эч качан ислам экстремисттеринин катарын толукташпайт. "Булар" деген түшүнүктүн ичине контингенти окуучулар, студенттер, "Себаттын" администрациясы менен техникалык кызматкерлеринен турган белгилүү жамаатты айтып жатышат. Сапат мерчеминен алганда "Себат" көптөгөн адамдардын массасы. Ондогон лицейлери бар бул система биздин өлкөнүн көпчүлүк аймагын кучагына камтыган кеңири билим берүүчү түйүн болуп саналат. Сапаттык жагынан алганда, түрк министри баалагандай, бу "Гүлендин каракчы тобу" эмес. Түрк бийлиги АКШда саясий бозгун катары жашаган дүйнөгө таанымал ислам аалымы Фетхуллах Гүлен башында турган билим берүү мекемесин Эрдоган "улуттун душмандары" деп атаганы үчүн мамилени өзгөртүүгө чакырган. Фетхуллах Гүлен – ИШИМге жана башка өзүн мусулманмын деп эсептеген караңгы туңгуюктагыларга каршы каармандык менен каршылык көрсөткөн кадырлуу динаятчы. Ал Лев Толстой, Махатма Ганди, Мартин Лютер Кинг негиздеген тынчтык орнотуучулардын улуу теориясынын жактоочусу. Кантип бул адамды каракчы топтун уюштуруучусу деп атаганга болсун? Тарых эртеби-кечпи ким каракчы, кимдин момун экендигин тастыктайт. Муну түрк тарыхы да белгилейт. Тарых убактылуулар менен эмес, убакыт менен жазылат. Тарыхты Чыңгызхан кайра жазып калтыра албаган сыңары, Эрдоган да жаза албайт.

# Айлык акы үчүн кичи цехтер бериле баштайт



**Өлкөбүздө жакырчылыкты жоюу, азык-түлүк коопсуздугун жакшыртуу максатында Социалдык өнүктүрүү жана эмгек министрлигинде атайын меморандумга кол коюлду. БУУнун дүйнөлүк азык-түлүк программасынын өкүлүнүн жана бир катар министрликтердин башын бириктирген меморандум ичине көп максаттарды камтыйт. Бул тууралуу маалымат алуу үчүн КР Социалдык өнүктүрүү жана эмгек министри Кудайберген Базарбаевге кайрылдык:**

– Биздин министрликтин демилгеси аркылуу Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) дүйнөлүк азык-түлүк программасына ылайык, биз атайын долбоор иштеп чыктык. Мисалы, мурун бул дүйнөлүк программа кедей-кембагалдарга жөн эле азык-түлүк берип койчу. Кийинчерээк биз жумушу жок адамдарды коомдук жумуштарга алып чыгып, өтөгөн эмгеги үчүн азык-түлүк бере баштадык. Ага ылайык, элдер атайын жамааттарга кошулуп, өздөрүнүн айылы үчүн пайдалуу иш кыла башташты. Эмгек акыларын биз ун жана май кылып берчүбүз. Бүгүнкү күндө бул дүйнөлүк программалар келишим мөөнөтү бүткөндөн кийин кетип калган учурлар катталган. Анан өлкөбүздө туруктуулук кармалып турушу үчүн 10 министрликтин буйругу менен долбоор иштеп чыктык. Базар-Коргон жана Кочкор райондорун пилоттук негизде тандап алдык. Бул жерлерде биз эми өзүбүздүн долбоорлорду ишке ашырабыз. Азыр элде айылчарба боюнча билим жетишсиз экен. Жерди кантип иштетип, кантип түшүм алуу керек дегендей. Биз Айыл чарба, Билим берүү министрликтери, Агрардык университет жана Кесиптик билим берүү агентствосу менен меморандум иштеп чыктык. Ага ылайык атайын окутуу тобу түзүлүп айыл-жерлеринде элдерге бекер агрардык билим бериле баштайт. Эми БУУ менен бирге биз айтылуу программанын жаңы беш жылдыкка экинчи фазасын дагы иштеп чыктык. Долбоордун көлөмү 45 млн. долларды камтыйт. Бул жерде биз айлык акыны мурдагыдай ун, май менен эмес, айылдарга кичи цехтерди бере баштайбыз. Ошентип биз өлкөбүздө жакырчылыкты жоюунун аракетин көрүүдөбүз.

# Паспортту катталбаган жерден алса болот



**Мамлекеттик каттоо кызматы үстүбүздөгү жылдын август айынын 15инен баштап жарандар катталган жерине карабай, кайсы жерде жашаса ошол жерден паспорт алуу үчүн документтерин тапшыра аларын айтып өттү. Маалыматка ылайык, 15-августтан тарта Бишкек шаары менен Баткен, Жалал-Абад жана Чүй облустарындагы паспорттук столдор жарандардын катталган жерине карабай паспорт алууга керектүү документтерди кабыл ала баштайт. Бул тууралуу кенениреэк маалымат алуу үчүн аталган кызматтын маалымат катчысы Мелис Эржигитовго кайрылдык:**

– Ушул келе жаткан август айынын он бешинен баштап, Бишкек шаарынын төрт районунда, Чүй, Жалалабад жана Баткен облустарынын бардык райондорунда паспорт столдору жарандардын каттоосуна карабай паспортко керектүү документтерди кабыл ала баштайт. Бул болсо мындай дегенди билдирет. Буга чейин Сокулук районундагы паспорт столуна документтерди бир гана Сокулук районунда каттоосу бар жарандар тапшыра алчу. Эми 15-августтан баштап Сокулукка бүт Кыргызстандан келген, алсак Нарындан, Баткенден, Оштон келгендер деле каттоосу айылда болгонуна карабай паспорт столуна документ тапшыра алышат. Бул 15-августтан баштап иш жүзүнө кирет. Мындай жаңы эреже киргизүүгө бир топ себептер бар. Алар мамлекеттин каттоо кызматынын программисттери иштеп чыккан, автоматташтырылган паспорт, ЗАГС жана дарек баракча программаларынын бириүүсүнөн турат. Бул электрондук өкмөткө өтүүнүн алгачкы программасы. Мындан сырткары, биз жарандардын бардык маалыматтарын электрондук форматка өткөргөнбүз. Ошол базаларды дагы бириктирип жарандарга абдан чоң ыңгайлуулуктарды жараттык. Азыркы учурда Бишкектин жаңы конушундагы жарандардын 98 пайызынын каттоолору айылда. Алар паспорт алыш үчүн айылга барыш керек. Болбосо биздеги калкты тейлөө борборундагы райондор аралык калкты тейлөө бөлүмүнө келиш керек эле. Эми келбей эле, ошол эле Сокулук, же болбосо Октябрь, Биринчи Май райондорундагы, тактап айтканда, жашаган жерлериндеги паспорт столдорго барса болот. Калган Ош, Талас, Нарын жана Ысык-Көл облустарында бул эреже сентябрь айынын орто чениндe ишке кирет.

# Кыргызстандын жаңы брендин сунуштадык



**Биз тээ Акаев доорунан бери эле Кыргызстанды туризм мамлекети катары таанытып, ушул тармак аркылуу бүтжетибизди толтургубуз келет. Бирок, арадан 20 жыл өткөнүнө карабай, дагы эле турист тосуу жана аны тартуу эмне экенин билбей келебиз. Балким буга биздин мамлекетти дүйнөгө тааныта турган Египеттин пирамидасы, же Кытайдын улуу сепили сыяктуу нерсе да жетишпей жаткандыр. Айтор, ушул маселе тууралуу Кыргызстанды дүйнөгө таанытуу бренди жана маркетинги боюнча эксперт, Туризм департаментинин мурдагы жетекчиси Максат Чакиев менен маектештик.**

– Биздин мамлекетте сатылып жаткан «Шоро» сыяктуу суусундуктар, же биз көтөрүп жүргөн телефондор бул товардык брендлер болуп саналат. Мындан сырткары, ар бир мамлекеттин жүзү боло турган брендлер дагы болот. Жалпак тил менен айтканда, ал мамлекеттин каймана аты болуш керек. Мисалы, Японияны «Күн чыккан мамлекет», Кытайды «Асман алдындагы өлкө» дешет. Бул аттар мамлекет тууралуу көп нерсени билдирип турат. Буга чейин биз да өзүбүздү таанытууга аракет кылганбыз. Өлкөнүн аталышы расмий түрдө айтыла берет. Бирок, кандай өлкө экенибизди дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери тааный бербейт. Алар Кыргызстан тууралуу билүү үчүн кандай мамлекет деп сурашы мүмкүн. Анда ар бир кыргыз ар кандай түшүндүрөт. Мисалга, бирөө тоону, бирөө көлдү айтса, бирөө өрүктү же айгүл гүлүн айтат. Бирок, биздин мамлекеттин бир эле жүзү болуш керек. Ушундай маселелерди жоюп, биздин мамлекетке жаңы мүнөз бериш үчүн Кыргызстандын брендин иштеп чыктык.

Бренддин аталышын «Skyland» же «Көк мелжиген өлкө» деп атадык. Муну иштеп чыгууда «Манас» эпосунда, тарых барактарына кайрылдык. Бул аталыш биздин географиялык шарттарыбызга дагы төп келет экен. Биринчи англисче атаганыбыздын себеби, бул чет өлкөлүктөргө багытталган ат. Буга чейин Кыргызстанды «Аяз аталар мамлекети», «Тоолор мамлекети» деп атайлы деген сунуштар болгон. Биз муну азыркы өкмөткө сунуштайбыз. Эгер кабыл алынса маркетинг жактан көп жардам берет жана 2-3 жылда жыйынтык берет деп турабыз.

# Экономикс

Альберт Эйнштейндин: «Илим – күнүмдүк ой толгоолордун саркындысы» деп айтканы экономикалык теория сыяктуу коомдук илимге да, физика, математика сыяктуу табият илимдерине да тиешелүү болгону менен, көпчүлүк коомго окумуштуунун көзү менен кароону өздөштүрө элек

*(уландысы, башы мурунку санда)*

## 2-бөлүм: Экономисттей ойлонуңуз

Ар бир илим өз тилин колдонот жана өзүнө жараша ой жүгүртүүнү талап кылат. Математиктер – аксиома, интеграл жана векторлор тууралуу, психологдор – эго жана когнитивдүү диссонанс жөнүндө, медиктер – түтөк, аксоо жана миокард инфаркт, юристтер – сот аймактары, жарандык айыптар жана сотко ишеним көрсөтпөө тууралуу сүйлөшөт.

Бирок, экономисттер да алардан калышпайт. Сунуш, талап, салыштырмалуу артыкчылык, керектөө ашыкчасы, кайтарылгыс жоготуулар деген терминдер экономика менен алектенген адамдардын тилинен түшпөйт. Кийинки бөлүмдөрдө сиз түрдүү терминдер менен таанышасыз. Андан сырткары, экономисттер башка мааниде айткан, бирок турмушта башкача колдонулган сөздөр менен кездешесиз. Башында жаңы тил сизге өөн учурашы мүмкүн. Бирок бара-бара бул тилдин зарылдыгын сезесиз. Анткени ал сизге экономикалык ой жүгүртүүнү өздөштүрүүгө жардам берет. Сиз дүйнөгө башкача көз чаптырууну үйрөнөсүз.

Бул китептин негизги максаты – адамда экономикалык аң-сезимди калыптоо. Албетте, бир түндө математик, психолог, врач же юристке айланбаган сыяктуу эле, экономикалык ой жүгүртүүнү калыптоо да убакытты талап кылат. Теория, практикалык мисал жана экономикалык жаңылыктарды айкалыштырган бул китеп сиз алган илим менен жөндөмдү өздөштүрүп жана бекемдеп алууга сонун шарт түзөт.

Экономикалык теорияга баш-отубуз менен кирер алдында курчап турган дүйнөнү экономисттер кандай кабыл аларын билип алганыбыз жакшы. Бул бөлүм ыкмага арналган. Дүйнөгө экономиканын көзү менен кароонун кандай өзгөчөлүгү бар? Экономисттей ойлонуу деген эмне?

### Экономист окумуштуу катары

Экономисттер изилденип жаткан нерсеге илимий объективдүүлүк менен карашат. Алар экономиканы изилдөөгө физик материянын, биолог жашоо сырларын ачууга аракет кылгандай мамиле кылышат. Алар теорияларды иштеп чыгып, фактыларды жыйнаган соң теориялык концепцияларды далилдеп же жокко чыгаруу үчүн аларды анализдешет.

Экономика илим катары каралып жаткан жаңы кадам шилтегендерди таң калтырышы мүмкүн. Экономисттердин пробирка же телескоп колдонбогону оозду андан бетер ачырат. Бирок илимдин маңызы – илимий ыкмада. Ыкма болсо дүйнө кандай түзүлгөндүгү тууралуу теорияларды иштеп чыгып, аларды текшерүү дегендик. Ыкма гравитацияны же тирүү жандыктардын өөрчүүсүн изилдегендей эле, улуттук экономиканы анализдөөгө да колдонула берет. Альберт Эйнштейн: «Илим – күнүмдүк ой толгоолордун саркындысы» деп айткан. Эйншейндин бул сөзү экономикалык теория сыяктуу коомдук илимге да, физика сыяктуу табият илимдерине да тиешелүү болгону менен көпчүлүк коомго окумуштуунун көзү менен кароону өздөштүрө элек. Ошондуктан илимий логиканын экономиканы изилдөөгө колдонулган бир нече ыкмасына токтоло кетели.



### Байкоо, теория иштеп чыгуу жана кайра байкоо

XVII кылымдын атактуу окумуштуусу Исаак Ньютон «Алма эмне үчүн алма бактан жерге түшөт?» деген суроо менен башын оорута баштаган. Кичине бала берчү суроого окшогон маселе гравитация теориясын иштеп чыгууга жол ачкан. Ал бактан үзүлүп түшкөн алмадан баштап, бүт ааламдагы бири-бирине таасир берген заттарга карата колдонула баштаган. Ньютондун теориясы бардык болбосо да, басымдуу көп абалдарда иштегени далилденген. Гравитация теориясы байкоону, реалдуу фактты түшүндүргөндүктөн аны дүйнөнүн бардык студенттери бүгүнкүгө чейин талдап келишет.

Теория менен байкоонун ортосундагы ажырагыс байланыш экономика илимине да таандык. Экономист баалар тез өсүп жаткан өлкөдө жашайт деп элестетели. Бул кубулуш ага инфляция тууралуу теория иштеп чыгууга түрткү болушу мүмкүн. Ал ири инфляция өкмөт ашыкча акча басып чыкканынан болуп жатат деп божомолдошу мүмкүн. Өзүнүн концепциясын текшерүү үчүн экономист түрдүү өлкөлөрдүн валютасы менен баалары тууралуу малымат жыйнап, анализдейт. Баалар дайыма эле акчанын азайып-көбөйүүсү менен байланыштуу эмес экенин байкаса, экономист өзүнүн инфляция тууралуу теориясынан күмөндөнө баштайт. Эгер бардык өлкөлөрдө акчанын көбөйүүсү менен инфляциянын жогорулоосу дал келе баштаса (так ошондой экенин биз билебиз), экономист өз теориясын далилдеген болот.

Башка окумуштуулардыкы сыяктуу эле экономисттердин да куралы теория жана байкоо болгону менен алар изилдөөлөрүндө маселени татаалдаштырган көп тоскоолдуктарга учурашат. Өкүнүчтүүсү экономика илиминде жаңы концепцияны далилдеген же жокко чыгарган эксперимент кылуу мүмкүн эмес. Физиктер гравитацияны изилдеп жатып лабараториядагы бардык идиш жана башка материалдарды талкалап салса да эч кандай жаза тартпашы мүмкүн. Экономисттер инфляцияны изилдеп жатып, факты жыйнаш үчүн мамлекеттин каржы саясаты менен ойной албайт. Экономисттер тирүү жандыктардын өөрчүүсүн изилдеген астроном менен биолог сыяктуу Жараткан берүүнү каалаган маалыматтар менен гана иштей алышат.

Лабаратордук изилдөөлөрдөн куржалак калган экономисттер турмуш сунган табигый эксперименттерди ийне-жибине чейин карап чыгууга мажбур. Мисалы, Жакынкы Чыгыштагы согуш оту мунай агымдарына бөгөт койгондо, дүйнөдөгү баалар асман чапчып, мунай жана мунай керектөөчүлөрдүн абалын начарлатты. Саясатчылар болсо мындай оор абалдан чыгуу жолдорун издөө машакатына кептелди. Ал эми экономист окумуштуулар негизги табигый ресурстардын кенен же чектелүү болуусу дүйнө экономикасына кандай таасир берерин изилдөө мүмкүндүгүнө ээ болушту.

Биз бул китепте экономиканын өтмүшүнө көз чаптыруу мүмкүндүгүн берген көп тарыхий мисалдарды карап чыгабыз. Алар учурдагы экономикалык теорияларды талдап чыгууга да жардам берет.

*(уландысы кийинки сандарда)*

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун «Экономикс» китебинен

# Кош келиңиздер! Сонун тамактар. Бүгүн акчага, эртең бекер

Ашканасына кыйкырып чакырып жаткан адамды карап туруп Жакиш «Бекер дегени түшүнүктүү, акча деген эмне?» – деп ойлонду. Кечээ таяк менен башка жеп, өз атын унутуп калган неме өзүнчө «Шашпай, карап турайын» деп шыбырады. Обочороок отуруп ашкананын ичиндегилерди байкай баштады. Карап отурса тамак ичкен адамдар аш бергендерге кагаз жана тегерек темирлерди берип атышат. «Балким акча деген ушудур» деп ойлоду Жакиш. Бул ой келери менен курсагы курулдаган оңбогур дароо тамак ташып эл тейлеп жүргөн жигиттердин бирөөнө жетип барып: «Мен бүгүн жеп, эртең акча берсем кандай болот?» – деп жалдырай суранды. Аны чочулай караган жигит: «Тигинде кожойке отурат. Ошого барчы. Мен мындай суролорго жооп бере албайм», – деди.

Курсагы ачканда акылдан адашма адаты бар Жакиш кожойкеге жорголоп жетип барды. Анын абалын дароо байкаган кожойке жарым күндүк отун жарып берсе беш он сомдук, же бир табак аш берерин айтты. Тамактын да, иштин да майын чыгарган Жакең отунду балжа-булжа кылып жетип келди эле кожойке:

– Аш жейсиңби же акча берейинби? – деп калды.

– Жейм, – деп айтып алып, бирок тегерек акчаны көргүсү келгенин эстеген Жакиш, – Апей, акча алам, – дей салды.



Тигинин темир акчага кызыгып турганын байкаган кожойке беш он сомдукту санап узатты. Аларды ары-бери калчап, тиштеп да көргөн Жакиш:

– Мен аш жегим келсечи, – деп айтары менен кожойке:

– Анда кайра бер акчаны, – деп сүйүнүп кетти.

Мына бул Жакиш менен кожойкенин алакасынан товар-акча мамилелерин байкасак болот. Бул алакада акчанын анча деле мааниси жок. Анткени жумуш менен анын акысы болгон аштын ортосунда көп убакыт өткөн эмес. Кылынган жумуштун өлчөмү менен анын акысы эки тарапка тең түшүнүктүү. Акча Жакишке кармалап көрүү үчүн эле керек. Бирок «товар-акча-товар» классикалык формуласы жакшы көрүнүп турат. Биринчиден, адам кылган кызматы үчүн акча алат. Аны каалаган же зарыл нерсеге жумшайт. Экинчиден, акча – баарына керек товар. Кожойке эң жарамдуу товары колунда калганына сүйүнүп кеткени ошондон. Бирөө аш, дагы бирөө бешбармак жакшы көрүшү мүмкүн. А акчаны болсо баары жакшы көрөт. Акча деген товарга каалаган товарыңды алмаштырып алсаң болот. Ошондуктан сатуучунун баары сиздин колуңуздагы эң зарыл товарыңызды алып калуу үчүн бири-бири менен атаандашат.

# «Кандай иш жасалбасын КСДП деп билгиле»

Президенттик шайлоого карата даярдыктардын шамалы акырындап сого баштады. Бийликке жетпей бармагын тиштеп калган оппозициялык күчтөр жанданып, бийликте туруп "Ажо болот элем" дегендер ары-бери чуркап, ыңгайын күтүп дымып тургандар болсо тымызын күрөштү башташты окшойт



## Мадумаровдун саясий дымагы күч

Өткөн жумада парламенттик шайлоодо аз добуш топтоп артта калгандардын бир нечеси чогулуп маалымат жыйын беришти. Анда "Ар-Намыс" партиясынын лидери Феликс Кулов, "Бүтүн Кыргызстандын" төрагасы Адахан Мадумаров жана "Аалам" партиясынын тең төрагалары Жылдызкан Жолдошева менен Арслан Малиев баштаган топ биргеликте саясий коалиция түзгөнүн билдиришти. Эми аталган партиялар алдыдагы президенттик шайлоо астында биригип, бир казанда кайнамай болушуптур.

Айтмакчы, алар күздө өткөн парламенттик шайлоонун калыстыгын танып, 2017-жылы боло турган президенттик шайлоонун таза өтөрүнөн шек санашты. Ошондой эле, бүгүнтөн калбай, жалпы шайлоо өткөрүү нормаларын өзгөртүүнү сунушташты.

Жыйын жүрүшүндө Мадумаровдун саясий дымагы алыстан уруп, президенттик шайлоого санаалаштарынын арасынын жалгыз өзү аттанары аныкталды. "Мен үчүн президенттик даража элге кызмат кылуунун, максаттарымды ишке ашыруунун каражаты болуш керек" деген Адахан Кимсанбаевичтин кебинен коалиция кандай максатта түзүлгөнү ачык көрүнүп турду.

## Кайра эле ушулар депутат болбосун

Ал эми Кулов болсо коалиция президенттикке бир талапкерди көрсөтүү үчүн түзүлбөгөнүн, ар ким өз алдынча чечим кабыл аларына токтолуп, бирок, президенттик шайлоодо ат салышуу ага кызыксыз экенин айтты. Бирок, азырынча бир чечим кабыл ала электигин да кошумчалап койду.



– Мен президенттик-парламенттик башкарууну эмес, парламенттик башкарууну колдойм. Андыктан азыркы башкаруу системасында шайлоого баруу мен үчүн кызыксыз, – деди ал.

Кулов мындай кебин бекеринен айтпады окшойт. Анткени көптөн бери эл арасында "Жакында парламент тарайт экен" деген айың кептер айтылып жүрөт. Аны Мадумаров өз сөзүнө кошо кетти.

– Мына элдин баары, анын ичинен саясат таануучулар да, Жогорку Кеңештин анча-мынча депутаттары да бүгүнкү парламент таркатылат деп айтып атышат. Эгер таркатылса ушул эле адамдар кайра келип депутат болуп каларын каалабайбыз, – деди ал.

## Шайлоонун жыйынтыгын БШК чечет

Мындан сырткары, Мадумаров Кыргызстанда шайлоо таза өтпөй жүргөнүн айтып, Латвия системасын киргизип, өзүн-өзү эсептеген сканердик урналарды орнотуу керектигин жана саясий талапкерлердин теле-радиодон жалгыз чыгып сүйлөөсүнө шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүгө тыюу салууну сунуштады.

– Америкада болобу, Германияда болобу 100 миллиондон ашык шайлоочулары бар мамлекеттерде шайлоонун жыйынтыгы 40-50 мүнөттөн кийин чыгат. Биз дүйнөнүн башка бурчунда отуруп алып, алардын социалдык партиясы уттубу же демократиялык партиясы уттубу, баарынан кабардар болуп турабыз. Ал эми биздин Кыргызстанда болгону 1200000 адам шайлоого катышат. А жыйынтыгын болсо он күндөп күтөбүз. Себеби шайлоонун жыйынтыгын добуш берген эл чечпей эле борбордук шайлоо комиссиясы (БШК) чечип атат. Биз колдонуп жүргөн кара кутуну Монголия мамлекети гана колдонот. Андан башка бир дагы мамлекет колдонбойт. Ал кара кутуну 5 жыл сактап туруу мүмкүн эмес. Аны 5 жыл сайын 3000 дааналап Кыргызстанга алып келүү канчалаган каражатты талап кылат. Ал эми Латвия сканерин бир канча жолу колдонсо боло берет. Добуш кагазыны салсаң өзү эле эсептеп чыгарат. Эгер биз мурдагы эле колдонуп жүргөн кара кутуну бул жолу да пайдалана турган болсок, анда



баягы эле көрүнүш кайталанат. Эгер мамлекет ушул нерсеге колдоо көрсөтсө бул ашып кетсе 2 айдын ичинде бүтө турган нерсе. Анан дагы айта кетчү нерсе, ар бир партия калк менен өз-өзүнчө жолугушууларды өткөрбөсүн. Элестетсеңер, 20 партия бар болсо, алардын ар бири ар эки саат сайын келип, чай-пай, тамак-самак, концерт, дискотекаларды уюштуруп турса канча убакыт кетет? Баарынан дагы маанилүүсү — билборддорго тыюу салынат, тактап айтканда, маскарапоздук токтойт, — деди ал.

## Бардык ишти КСДП кылып келет

Айтмакчы, айдын башында Жогорку Кеңеш эс алууга тарады. Эрежеге ылайык, ушул күндөрү айрым депутаттар айыл аймактарды кыдырып эл менен жолугуп жүрөт. Жолукканда эмне, баягы эле эски өнөкөтүн кайра баштап, убадалар менен элди байытып жаткан чактары.

Мисалы КСДПнын лидери Иса Өмүркулов баштаган депутаттык топ ушул тапта Жалал-Абад облусунда иш сапар менен жүрөт. Топтун арасында КСДПчылардан тышкары, бакандай финансы, саламаттыкты сактоо жана билим берүү министрлеринин орун басарлары, бир канча өкмөттүн алдындагы департамент жана агенттиктердин жетекчилери да бар. Мындай өкмөттүн жоон тобун жанына ээрчиткен бийликчил партиянын максаты бир эле элдин үнүн угуп, көйгөйүн чечип берүү болбосо керек. Бул жүрүш Иса Өмүркуловдун президенттикке аттана тургандыгынан же, жакын арада парламент тарай турганынан кабар бергендей.

Анысы Өмүркуловдун өз сөзүнөн да ачык эле билинип турду. "Урматтуу шайлоочулар" деп кайрылган фракция лидеринин дымагы кудум шайлоо алдындагы жүргүзгөн үгүткө окшойт.

– Бир жумадан бери кыдырып жүрөбүз. Бүгүн эле Таластан келдик. Мындан ары да башка аймактарды кыдырабыз. Көрүп тургандай өкмөттүн бир канча мүчөлөрүн ээрчитип жүрөбүз. Бул көйгөйлөр болсо чечкенге даярбыз деген сөз. Билесиздер, депутаттар элди шайлоо алдында эле кыдырат. Бирок биз атайы шайлоо жокто эл аралап чыктык. Негизи, ишке ашып аткан иш чаралардын баарын КСДП кылып келет. Эми дагы бир иш бүтсө КСДП бүтүрдү деп эсептей бергиле, – деген сөзү менен партиясын жерге сууга тийгизбей мактаганга үлгүрдү. Ал эми "Өзүңүз дагы президенттик шайлоого аттанасызбы?" деген суроого "Президенттик шайлоого катышар-катышпасым боюнча маалымат бербей эле турайынчы", – деп сыр бойдон калтырды.

## Шайлоодо жеңишке жетем

Айтмакчы, ошол эле маалымат жыйында Мадумаров "Бир катар бедели бийик саясатчылар бизди колдойт" деп билдирген. Чынында, учурда колунда бийлиги жок, ал тургай кайда жүргөнү белгисиз "бедели бийиктерди" эстегенде, чү дегенде эле Садыр Жапаров, Акматбек Келдибеков жана Мелис Мырзакматов сыяктуу эл арасында таанымал болуп калган саясатчылар эске түшөт. Ошондон улам булардын арасынан Садыр Жапаровго байланышып, алдыдагы пландары жөнүндө сурап көрдүк. Анда ал президенттик шайлоого катышарын айтып, мындай пикири менен бөлүштү:



– Буюрса, президенттик шайлоого сөзсүз катышам. Жеңишке жетем деген чоң үмүтүм да бар. Баары Жараткандын колунда.

Анткени менен Садыр Жапаров бул жолу башка саясий күчтөргө кошулбай турганын да билдирди.

## Шайлоо кодексин тууралайлы

Ал эми Ар-Намыс партиясынын мүчөсү Равшан Жээнбеков президенттик шайлоонун алдында ар кандай саясий күчтөр биригип, чоң күчкө айланышы мүмкүн экенин жана бул негизинен жакшы көрүнүш экенин айтты.

– Депутаттык, парламенттикке өтпөй сыртта калган, бирок кандайдыр бир деңгээлде кадыр-баркы бар, элге таанылып, кыргыз элине төбөсү көрүнгөн саясатчылардын биригип иш алып барганы туура деп эсептейм. Анткени, алдыда президенттик шайлоо келатат. Алар шайлоонун алдында чогуу бир кандидатты да түртүшү мүмкүн. Мына президенттик шайлоого деле аз эле убакыт калды. Негизи биздин шайлоо кодексибиз туура эмес. Эми ошол шайлоо кодексиндеги туура эмес нерселерди биргеликте чечсек жакшы болот. Саясатта жалпысынан биргелешип иш алып барган аябай жакшы көрүнүш, – деди ал.



АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ

# Өлкөбүздө жогорку билимдүү жумушсуздар көп

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги билдиргендей, өлкөдө 18 миңге чукул жумуш орууну бош. Жумушсуздардын саны 200 миңдеп саналып жатса, бош турган бул орундар кайдан чыкты жана бул бош жайлар кайсыл кесип ээлерин күтүүдө? деген ой пайда болот



Жумушсуздук көйгөйү кайсы өлкөнүн болбосун орчундуу маселелеринин бири. Жумушсуздукту чечүү үчүн канчалаган долбоорлор иштелип чыкканына карабай, абал курч бойдон калууда. Өзгөчө ички миграциянын өсүшү аталган көйгөйдү арбытып келет. Жылдан-жылга айылдан шаарга жумуш издеп келген жарандардын саны менен жумушсуздуктун көрсөткүчү көтөрүлүп турат. Жакынкы аралыкта Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги билдиргендей, учурда 18 200 жумуш орду бош турат. Бирок берилген маалыматтан көбү күмөн санашууда. Өлкөбүздө чоң-чоң завод, фабрикалар курулбай жатса кантип ушунча сандагы жумуш орду бош болсун деген пикирлер пайда болду.

Министрлик өзү маалымдагандай, иш менен камсыз кылуу кызматтары жумуш менен камсыз кылуу аракеттерин көрүп келет. Министрликтин маалыматында учурда бир жумушчу орунга 14 киши туура келет. Жыл башынан бери 15,8 миң адам иш менен камсыздалган. Ал эми 11,5 миң адам коомдук иштерге тартылып, учурда суроо-талапка ээ болгон кесиптерге үйрөтүлгөн.



Учурда өлкөбүздө пенсионерлер дагы жумуш издешет



## "Мен компьютер үйрөнсөм, балдарым ачка калат"

Бишкек шаарынын эмгек биржасында "Жумуш чыгаар бекен?" – деп келген-кеткен машиналарды күзөтүп олтурган адамдардын саны арбын. Алардын дээрлик көбүнүн жашы 40тан жогору. Мындайлар кара жумуш менен күнүмдүк акчасын таап көнүп калгандыктан, бир айда бир жолу айлык алып иштөө булар үчүн жат көрүнүш. "Мени тартпай эле кой, бирок суроону жооп берем" деген Манас мырза учурда 43 жашта экен. Аксы районунан келгендигин айтып, төмөнкүлөргө токтолуп өттү:

– Убагында бала бакчада, андан кийин мектепте кароолчу болуп иштегем. Айылда өзүңөр билгендей жумуш жок. Анан үй-бүлөнү багыш керек болуп минтип шаарга көчүп келгенбиз. Аялым дагы мени менен бул жерде турат. Ал үйлөрдү сырдап-актап иштесе, мен жөнөкөй жумуштан баштап бардык курулуш иштерин кыла берем. Бул жерде иштегенибизге 4-5 жылдай болуп калды. Мурда эл аз эле, кийин көбөйүп, бири-бирибизге атаандаш болуп кеттик. Күнүнө болбоду дегенде 400-500 сом табабыз. Жакшы жумуш чыкса 2000 сомго чейин болуп калат. Болгону кышында жумуш таппай кыйналабыз. Ушинтип бала-бакыраны багып келебиз. Башында иш издеп атайын жумушка орноштурчу жерлерге барганбыз. Бирок жакшы жумуш табуу үчүн компютерди билиш керек экен. Эми биз аны үйрөнгүчө балдар ачка олтура бербейт экен да. Анан дагы "Айлыкка иштейсиң. Адегенде бир ай иште, анан акча беребиз" деп иштетип алып, бербей койгондорун да көрүп жүрөбүз. Андан көрө, күндө тапканың күндө колуңа тийгени жакшы эмеспи.

## Жаштар дароо эле көп таап, чоң болгусу келет

Анткени менен мамлекет жумушсуз жарандарына деле болушунча кам көрүп келет. Замандын талабына жараша керек болгон кесиптерге бекер окутуп, жумуш тапканча аз да болсо акчалай жардам көрсөтөт. Бишкек шаарынын калкты жумушка орноштуруу башкармалыгынын башчысы Бактыбек Усупбеков иштейм деген адамга жумуш табылат, кары адамдар деле компютер үйрөнүп жатышат дейт:

– Бишкек шаары боюнча жалпы жумушсуздардын саны 40 миңге жакын. Бизде атайын каттоодо 8 миң адам турат. Каттоодо турган 8 миң адам мамлекет тарабынан бардык жардамдарды алып жатышат. Жумушка орношот, насыя алышат, окушат дегендей. Жанагы 18 миң жумуш орду бош деген бул жалпы республика боюнча болуш керек. Бизде Бишкек шаары боюнча 4 миңге жакын жумуш орду бар. Айтылуу орундардын 70 пайызы квалификацияны талап кылбаган кызматтар болсо, 30 пайызы интеллектуалдык эмгектер. Алсак, инженер, програмист сыяктуу жумуштар. Биз иш берүүчүлөр менен сүйлөшүп, ай сайын жумуш көргөзмөлөрүн өткөрүп турабыз. Көбүнчө мындай жерлерге жаштар катышат. Өзү жаштарга жумуш табуу оңой. Негизги маселе 50 жаштан өйдөгүлөр. Аларга жумуш табуу бир аз оорчулук жаратат. Биз дагы азыр ошондойлор менен иштешип жатабыз. Бизде юрист, экономист болгондор жумуш таба алышпайт. Аларга орун жок. Көбүнчө мугалим, дарыгер, сантехник, инженер сыяктуу кесип ээлери жүз пайыз жумуш менен камсыз болушат. Жумушсуз болгондон кийин биз бардык жаштагы адамдарды каттайбыз. Болгону 1-2-топтогу майып, күндүзгү бөлүмдөгү студент болбош керек. Бизге пенсионерлер дагы "Жумуш таап бергиле", – деп кайрылат. Биз аларды каттоого тургузбай эле жумуш таап беребиз. Иштейм деген адамга жумуш табылат. Мисалы, компютерди карыгандар деле үйрөнүп жатышат. Ар кандай себептерди айтып жүргөндөр толтура. Жаштар дароо эле чоң маяна алып, башчы болгусу келишет. Бирок андай болбойт. Акырындап үйрөнүп, тажрыйба топтогондон кийин баары келет. Эмгек биржасындагы адамдар көбүнчөсү батирде турушат. Буларга жумуш берип, окуталы десең окушпайт. Алар "Бирөөнүн муздаткычын 2-этажка көтөрүп чыксам 1000 сом берет. Сенин 8 саат жумушуңда олтуруп, айына 10-15 миңге иштей албайм, мага күнүмдүк акча керек" деген адамдар.

> «Кыргызстанда 5 жылдан кийин эң жогорку талаптагы кесиптер тигүүчү, сантехник, инженерлер»

## Юрист, экономист, финансист жумуш таба албайт

Жогорку окуу жайын аяктап, бирок жумуш таппай жүргөн жаштарыбыз миңдеп саналат. Убагында ата-эненин каалоосу менен, же өз алдынча престиждүү кесип тандап алып, соңунда жумушка орношо албай калуу кадимки көрүнүшкө айланган. Жумуш берүүчүлөр дагы келген кадрларды убакыт коротуп кайрадан окутуп олтурбай, дароо тажрыйбасы бар адис алгылары келет. Натыйжада, жумуш орууну бар, бирок жумушсуздары көп өлкөгө айландык.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги абитуриенттерди адистик жана жогорку окуу жайды тандоодо жоопкерчиликтүү болгула деп кеңеш берет. «Окуу жайга тапшыргандардын көбү окуусун аяктаган кезде ошончо түйшүк менен алган адистиги эмгек базарында суралбай калышы ыктымал экенин ойлобойт. Мисалы, финансист же юрист болгусу келгендер дагы эле арбын. Бирок бул кесиптегилер азыр ушунчалык көп болгондуктан, бүтүрүүчүлөрдүн көпчүлүгү өз адистиги боюнча жумуш таба албастыгы анык», – деп билдирет министрлик.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, миграция жана жаштар министрлигинин маалыматына ылайык, административдик-гуманитардык багыттагы жогорку билимдүү бүтүрүүчүлөрдүн 26га жакын пайызы гана өз адистиги боюнча жумушка орношсо, техникалык багыттагы ЖОЖ бүтүрүүчүлөрүнүн 78 пайызы кесиби боюнча жумуш табат экен.

Жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, жакынкы 5 жылда Кыргызстанда айыл-чарба, өнөр-жай, энергетика, туризм жана жеңил өнөр жай тармактарындагы адистерге талап көбөйөт. Ар кайсы иликтөөлөрдөн маалым болгондой, биринчи кезекте төмөндөгү адистер талап кылынат:

1. Техникалык адистер: курулуш тармагындагы инженерлер, технолог-инженерлер, электрик-инженерлер;
2. IT-адистер, программисттер;
3. Айыл чарба жана кайра иштетүү, өнөр жай адистери;
4. Сервис жана туризм тармагындагы адистер;
5. Врачтар жана медицина тармагындагы адистер;
6. Педагогикалык кызматкерлер (мугалимдер, мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары, дефектологдор, логопеддер ж.б.у.с.);
7. Котормочулар жана лингвисттер.

Жумушсуздуктун айынан көптөгөн билимдүү жарандарыбыз ар кайсыл жакка бет алышууда. Мамлекетибизди жүдөткөн бул көйгөйгө туура эмес кесип тандоо көрүнүшү себепкер өңдүү. Андыктан ата-эне баласына өз каалоосу менен эмес, заман талабына жараша кесип тандоого жардам берсе, абал бир аз да болсо жеңилдечүдөй.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# “Кыргызстандын өзүнүн улуттук кызыкчылыгы бар”

**Кыргызстандын билим берүү тармагында өлкөбүз эгемендүүлүк алгандан бери ишмердүүлүгүн жүргүзүп келе жаткан “Себат” билим берүү мекемелерин Түркияда болуп өткөн каргашанын кара көлөкөсү ээрчип алгандай**



## “Оройлук жана адепсиздик”

Түркияда болуп өткөн табышмактуу ордо оюндарынан кийин Түрк бийлиги тарабынан Тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглунун оозу менен Фетхуллах Гүлен багыт берген чет өлкөлүк Билим берүү мекемелеринин ишин токтотуу боюнча сунушу Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигине да келип түшкөн. Өз учурунда кыргыз ТИМи түрк кесиптештеринин дооматтуу сунушуна төмөндөгүдөй жообун узатты:

– Биз Түркиянын Тышкы иштер министри Мевлүт Чавушоглунун Кыргызстандагы айрым билим берүү мекемелеринин иши боюнча жиберген катын кылдаттык менен окуп чыктык. Түрк Республикасы – Кыргызстан менен тарыхый тамыры бир, карымкатышы бар боордош эл болуп саналат. Биз түрктөрдүн расмий өкүлдөрүнүн тынчсызданганын түшүнүп турабыз. Бирок ошону менен катар Кыргызстан эмне жакшы, эмне жаман экенин түшүнүп, кандай чечим кабыл алыш керек экенин билген көз карандысыз, эгемендүү өлкө экенин сиздердин эсиңиздерге сала кетмекчибиз. Кайсы бир өлкөнүн тышкы иштер министринин бир өлкөгө коркутуу жана опузалоо тили менен “андай кыл, мындай кыл” дегенин оройлук жана адепсиздик деп эсептейбиз, – деген жообун узаткан.

## Өз тополоңун Кыргызстанга өткөргүсү келди

Мындан мурдараак 24-июлда түркиянын Аланья шаарында “Демократияны колдоо” деп аталган акция учурунда Чавушоглу Кыргызстандык кесиптеши Эрлан Абдылдаевге телефон аркылуу “Гүлендин каракчы тобуна” мамилени өзгөртүүсүн суранган. Бирок ал “Мамилени өзгөртүү” деген сөз айкашынын маанисин ачыктаган эмес. Болгону анын бул репликасынан Азербайжанда, Сомалиде болуп жаткандай эле Гүлендин мектептерин жаптырруу сыяктуу кеп тургандары түшүнүктүү. Ал эми британиялык “The Guardian” басылмасынын билдирүүсүндө түрк президенти Түркиянын өзүндө оппозициялык маанайдагы ислам аалымы Фетхуллах Гүленге тиешеси бар бардык мекемелерди жабуу үчүн атайын указ чыгарган. Бул указга ылайык миңдеген жеке мектептер, 1200 фонд жана ассоциациялар, 35 медициналык мекеме, 19 бирикме жана 15 университет өз ишмердүүлүгүн токтотуп, алардын мүлкү мамлекеттин пайдасына тартылып алынган. Ошону менен катар Түрк бийлиги өз өлкөсүндө болуп жаткан чаң-тополоңдун эпкинин Кыргыз мамлекетине өткөрүп, билим берүү тармагында 20 жылдан бери “Себат” аттуу марка менен иштеп келе жаткан Фетхуллах Гүлендин идеяларына негизделген мектептерин жаптырууга аракет кылганы көрүнүп турат.

## "Себаттын" окуу-жайлары

Кыргыз Республикасынын аймагында расмий түрдө“Себаттын” төмөнкү окуу жайлары кыргыз балдарын билим жана тарбияга каныктырып жатат.

**Башталгыч мектептер:**

*“Сейтек” башталгыч мектеби;*

*“Сейтек-Жал” башталгыч мектеби;*

*“Акылтай” башталгыч мектеби;*

*Токмоктогу “Себат” башталгыч мектеби;*

*Таластагы “Себат” башталгыч мектеби;*

*Караколдогу “Себат” башталгыч мектеби;*

*Оштогу “Себат” башталгыч мектеби;*

*Кызыл-Кыядагы “Себат” башталгыч мектеби;*

*Жалал-Абаддагы “Себат” башталгыч мектеби.*

**Лицейлер:**

*“Ч.Айтматов” атындагы Бишкек лицейи;*

*“Айчүрөк” атындагы Бишкек лицейи;*

*“Субакожоев” атындагы Нарын лицейи;*

*“Баласагын” атындагы Токмок лицейи*

*“З.Бектенов” атындагы Ысык-Көл лицейи;*

*“Х.Карасаев” атындагы Каракол лицейи;*

*“Мээрим-Себат” Талас ыз лицейи;*

*“Манас-Ата-Себат” Талас лицейи;*

*“Сема” Ош лицейи*

*“Себат” Ош лицейи*

*“Курманбек баатыр” Жалал-Абад лицейи;*

*“Зуура Нурматова” атындагы Жалал-Абад лицейи*

*“Семетей” Кадам-Жай лицейи*

*“И.Разаков” атындагы Кызыл-Кыя лицейи;*

*Токмоктогу “Себат” лицейи;*

*Кара-Балта лицейи.*

**Эл аралык мектептер:**

*Эл аралык “Силк-Роуд” мектеби;*

*Эл аралык “Cambridge” мектеби.*

*Мындан тышкары, аалым Гүлендин ысымы менен байланышкан Эл аралык “Ататүрк – Ала-Тоо” университети да кыргыз жаштарына кесиптик билим берип, дүйнөлүк деңгээлде өз кызматын көрсөтүп келет.*

## Эл пикир

Мевлүд Чавушоглунун сунушу кыргыз коомчулугунда да кызуу талкууга алынып, социалдык тармактарды “жарып” жаткан учур. Жөнөкөй кыргыз жарандарынан баштап белгилүү саясатчылар да бул тууралуу өз пикирлерин билдирип жатышат. Эмесе алардын айрымдарын сиздердин назарыңыздарга сунмакчыбыз.

“Ата-Мекен” фракциясынын төрагасы Өмүрбек Текебаев Мевлүд Чавушоглунун сунушун негизсиз деп таап:

– Кыргызстан көз каранды эмес өз алдынча өлкө. Анын аймагында өзүнүн Конституциясы жана мыйзамдары гана иштейт. Кыргызстандын өзүнүн улуттук кызыкчылыгы бар. Өлкөдөгү “Себат” билим берүү мекемеси жаштарга билим берүүдө чоң салымын кошуп жатат. Ошондой эле, жарандар Конституция берген укугунун негизинде ал окуу жайды эркин тандап алып окушууда. Ошондуктан Түркиянын Тышкы иштер министринин бул сунушун биринчиден, негизсиз, экинчиден, биздин ички ишибизге кийлигишүү катары баалар элем, – деди.

Белгилүү педагог, экс депутат, Билим берүү жана илим министринин мурдагы орун басары Жангороз Каныметов “Себат” билим берүү мекемелери 20 жылдан ашуун убакыттан бери Кыргызстанда билим берип келет. Коомчулук бул мекемени Фетхуллах Гүленге таандык деп билген менен, бул жеке билим берүүчү тармак жана ал өз алдынча өнүккөндүгүн айтат. Кыргызстанды дүйнөгө таанытууда “Себаттын” орду зор экенин белгилейт. Аталган мекеме менен башынан бери эле алакада болуп келгенин айтып, аны жабуунун ордуна системаларын жаңыртып, реформа жасоо менен дагы да өнүктүрүү керек дейт.

– Мен “Себат” билим берүү мекемеси Кыргызстанда ачылгандан бери мамилени үзбөй келе жаткан адаммын. Ал жерде иштегендердин эле эмес, бүтүрүп кеткендердин да жаманын көргөн жокмун. Ошол себептүү бул система бизге абдан керек. Мектептерде иштеп жаткандардын 80–90%ы кыргызстандыктар. Анан дагы кыргыз балдарын окутуп жатышат. Бул жерде Гүлендин жалпы багыттаганы гана болбосо, эч кандай тиешеси деле жок.

## Түркиядан дагы эмне кылалы деп сурайлы

“Себат” билим берүү мекемесинде эки уулу окуган депутат Алмамбет Шыкмаматов да бул сунуш боюнча өз ойлору менен бөлүшкөн:

– Мен ата катары, Кыргызстандагы билим берүү системасын изилдеп чыктым. “Себаттын” лицейлеринде балдар чет тилдерди үйрөнүшүп, физика, математика, химия сабактары боюнча эл аралык олимпиадаларда жеңүүчү болуп жатышат. Бул лицейлердин бүтүрүүчүлөрү ийгиликтүү ишкерлер болуп чыга келишүүдө. Мындай окуу жайлардын коркунучтуу экенине ишенбейм. Мен коркунучтуу эч нерсени биле алган жокмун. Эгерде биз буларды жаба турган болсок, билим берүү тармагында чоң катачылык кетирген болобуз. “Себатты” эң мыкты билим берүүчү мекеме деп эсептейм. Мен Чавушоглунун сунушун сынга гана алам. Эгемендүү мамлекеттин иштерине кийлигишүүгө болбойт. Келгиле эртең ишкерлерди куup чыгып, Түркиядан дагы эмне кылалы деп сурайлы. Мындан ары анда Түркиянын көрсөтмөсү менен жашайлы! – деп жооп узаткан.

## Кыргызга өнүгүү керек

Кыскасы, түрк министринин кожоюну Тайийп Эрдогандын талабын аткаруу боюнча “такилиби” Кыргызстанда суу кечпей калды. XXI кылымда кырылып жүрүп көбөйгөн кыргыз эли үчүн бакубаттуулук, тынч жашоо жана өнүгүү керек. Дүйнө коомчулугу изденүү, билим алуунун натыйжасында жетишкен илимий техникалык ыңкылаптардын жемишин жеп жаткан кезде, кыргыз эли да алдыңкы өнөр-билимдин натыйжасында колу узарып, дүйнөлүк саясатта өз жолун таап жаткан учуру. Жамандыктан кайтарган, жакшылыкка чакырган идеяларга сугарылган “Себат” педагогдорунун ишмердүүлүгүн террористтик деп баалаганга моралдык да, адамдык да укугубуз жок.

2013-жылы Тайийп Эрдоган менен кайчы пикирге түшүп калган Фетхуллах Гүлен: «Биз балдарды ууру кылба, бирөөнүн акысын жебе деп тарбиялаганбыз. Бул балдар чоңоюп, укук жана сот органдарына жаңы орношуп иштей баштаганда «Кудайдан корккула! Мамлекеттин казынасынан акысыз арпанын данындай нерсе алгандан көрө, өз каныңар менен тамактангыла» деп какшадык. Эми шаар, облус, райондук деңгээлдеги мамлекеттик кызматкер болушканда аларга «Баланча элибиздин, мамлекеттин акысын жеп атса, көз жумгула!» десек, алар бизди угабы? Аларга минтип айтып жатканда жүзүн кантип карайбыз?» – деп сыздаган.

Себат лицейлери көбүнчөсүн ушундай тарбиядагы балдарды уясынан учурат.

АЛИАСКАР САГЫМБАЕВ

# Китеп окубагандан коркуу керек

"Эң жакшы досум - китеп" деп айткан экен улуу окумуштуу Айни. Анын сыңары, китеп түбөлүктүү дос. Китепсиз илим-билимге жетүү кыйын. Биздин жашообузда китептин орду эбегейсиз чоң дегенибиз менен ал адам үчүн баалуулугун жоготуп баратканы таң калтырат. Акыркы учурда жаштар арасында китеп окугандар аябай аз. Бул заманыбыздын көйгөйлүү маселесине айланып бараткан сыяктуу

## Кызыксыз китептер окурмандарды азайтты

Баарынан жаманы жан дүйнөнүн жардылыгы делет. Китеп окуган адам менен китеп окубаган адамдын айырмасы аябай чоң. Китеп окуган адам оюн кенен билдирип, туңгуюк кырдаалдан чыгып кетүүгө жөндөмдүү келет. Ал эми окубаган адам сөзгө чоркок болуп, оюн толук билдире албайт.

Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, жазуучу, "Арзуу" жана "Керемет дүйнө" атуу китептердин автору Суусарбек Тыналиев жаштардын китеп дүйнөсүнөн алысташынын себептеринин бири технологиянын өнүгүүсүнө байланыштуу дейт.

– Мисалы, интернетти алып карайлы. Басса да, турса дагы колдорунан уюлдук телефон түшпөйт. Интернетте жакшысы да, жаманы да бар. Бирок, жаман жакка адам тез оойт. Пендебиз да, жаман нерсени жата калып көрөбүз. Мына ошонун баары китеп дүйнөсүнөн алыстатууга шарт түзүүдө. Китепти чанда интеллигенттер гана окуп калышты. Биринчиден, илимий-техникалык өсүш болду. Ушул өсүш жаштарды башка багытка буруп жатат. Бардыгын интернеттен окуп алабыз деген түшүнүк пайда болду. Экинчиден, кызыктуу, тарбиялык мааниси бар чыгармалар аз жазылууда. Көбү өздөрүнүн өмүр баяны менен чектелип калды. Кызыксыз китептердин көп чыгышы менен окурмандардын саны да азайды. Дагы айта берчү көптөгөн факторлор бар. Советтер Союзунда цензура деген бар эле. Азыр андай комиссия да жок. Бир четинен цензуранын да пайдасы болгон экен. Мурда мисалы Джек Лондон, Драйзер, Хемингуэй сыяктуу чет элдик классиктердин китептери кыргыз тилине которулуп, 40-50 миңдеген нуска менен чыгып турчу. Биз аларды кызыгуу менен талашып окуп, өтө чоң философиялык ойлорду, турмуштук таасирлерди алчубуз. Азыр андай чыгармалар да басылбай калды. Бир чети жаштардын китептен алыстоосуна ушул нерсе да таасирин тийгизип жатса керек. Азыр кээде адабий ийримдер уюштурулуп, ага чыгармачыл жаштар катышып талкуулап, такшалып жатышпайбы. Бул да аябай жакшы көрүнүш деп ойлойм. Эми келечекте жазуучу болом деген ынтаасы күч жаштарды окута турган мектептер ачылып, ошол жактан сабак алышса андан да жакшы болмок.

## Бала кезинен китепке кызыктыруу кажет

Бирге китеп окуу ата-эне менен баланы жакындатат. Психологдор бала менен бирге китеп окуу ортодогу мамилени кыйла жакшыртарын байкашкан. Балаңыз менен мээрим, сүйүү сезимдери аркылуу жакындашууну кааласаңыз, анда аны менен ойноо, телевизор көрүү менен бирге чогуу китеп окуу убактыларын дайындаңыз. "KITEPKANA.KG" аттуу кыргызча китеп интернет дүкөнүн ээси Азамат Шаршебаев:

– Биринчиден ата-эне өздөрү балага үлгү болуш керек. Мисалы, китеп окууга кызыгуу үй-бүлөдөн башталышы керек. Бала бала-бакчага бара баштаганда жана мектепте окуп жатканда үй-бүлө мүчөлөрү, айрыкча, ата-энеси балага өзү китеп окуп үлгү болсун. Балада ошондо гана китепке болгон кызыгуу жаралат. Өзү окуп көргүсү келет. Союз талкалангандан кийин коомдогу баалуулуктар өзгөрдү. Элдер китеп эмес, кара курсагын кантип тойгузушту билбей калды. Азыр деле үйүндө бир китеп жок үй-бүлөлөр бар экени чындык. Анан кантип жаштар китеп окууга кызыгат? Ата-энеси китеп окубаса, же китеп сатып бербесе? Азыркы жаштардын китеп окубай калганынын бирден бир себеби ушул десек жаңылышпасак керек. Технологиянын өнүгүүсү китептен алыстоонун негизги себеби деп айтсак жаңылышкан болобуз. Себеби технологиясы жакшы өнүккөн Европа өлкөлөрүндө деле кадимки китепти көп окушат экен. Ошондуктан жаштарды жаштайынан китеп дүйнөсүнө кызыктырып, китеп окуу маданиятын калыптандырыш керек деп ойлойм. Азыркы тапта Кудайга шүгүр, курсагы ач адамдар азайды. Тилекке каршы, жан дүйнөсү ач, жарды адамдар көбөйүп жатат. Элдин кара курсагын тойгузбасак да, жан дүйнөсүн тойгузалы деп, кыргызча китептер жеткиликтүү болсун деп "kitepkana.kg" аттуу кыргызча китептердин интернет дүкөнүн ачкам. Беш кол тең эмес дегендей, сапаттуусу дагы, сапатсызы да чыгып атат. Арасында бир окуганга жараган жеңили дагы, кайра-кайра окуй турган салмактуусу да бар. Бирок китептин аздыгы же кызыксыздыгы жаштарга себеп болбошу керек. Кызыккан адам табиятына жараша каалаган китепти тандап таап алып окуй берет.

## Китептин ден-соолукка пайдасы

Изилдөөгө өз эрки менен катышкан адамдардын көпчүлүгү эки бет окуган соң кадимкидей кан басымы калыбына келип, булчуң эттери бошоңдоп, дене боюнда башка да оң өзгөрүштөр байкалганы аныкталган. Илимпоздор жүргүзгөн изилдөөгө катышып, күнүнө эки беттен китеп окугандар да жогорудагыдай эле кан басымы күнү бою бир калыпта кармалып, жүрөгү бир калыпта согуп, нерв түйүнчөлөрү калыбына келгени байкалган. Ал эми изилдөөнүн соңку натыйжасына ылайык, күндө китеп окугандардын арасында стресс 68 пайызга төмөндөгөн. Британдык изилдөөчүлөр стресс менен күрөшүүдө китеп окуудан башка классикалык музыка угуу, жай отуруп чай ичүү жардам берерин аныкташкан. Бирок бул ыкмалардын таасири китеп окууга караганда төмөн. Илимпоздор стресстен арылуу адамдын кандай жанрдагы китеп окугандыгына байланыштуу эмес экендигин да айтышкан. Көңүл чөгүүдөн арылуунун башкы фактору автордун чыгармасын жан дилин коюп жазганында жатат. Мейли, ал китеп тарыхый роман болсун, мейли детектив болсун, мейли ал китепте трагедия камтылсын. Башкысы окурманга жагып, окуган адам андагы окуялар, каармандар менен жашасын. Ошондо гана окурман да, жазуучу да өз максатына жеткен болот. Психологдордун айтымына таянсак, китеп окуунун пайдалуу жактары арбын. Изилдөөлөр боюнча, китепкөйлүк көп оорунун алдын-алганга жардам берет. Эң негизгиси мээ ооруларынан коргойт. Мээнин активдүүлүгү өсүп, ооруларга туруштук бере алат. Ошондой эле китепкөй адам башкаларга салыштырмалуу өзүнө ишенимдүү, ачык-айрым мүнөздүү болот.

## Стресстен арылтат

Азыркы заманда ким гана депрессияга түшпөйт? Китеп окуу стресстен арылтат. 2009-жылы Лондон шаарындагы Суссекс университетинин илимпоздору кыжалат болуп жаткан 6 адамга 6 мүнөт китеп окутуп тажрыйба жасап көрүшкөн. Китеп адамды кыжалат ойлорунан кутултуп, эс алдырат. Китеп окуу көрүүнү начарлатпайт. Анын пайдалуу жактары көп, бирок айрымдар көздүн көрүүсүн начарлатат дешет. Көз дарыгерлердин айтуусунда китепти көп окуу эмес, туура эмес жагдайда окуу көрүүнү начарлатат. Мисалы, жатып алып, же күңүрт бөлмөдө шам чырак менен окуу жана башка. Китеп креативдүү жаңыча ойлордун жаралышына түрткү берет.

АЙГҮЛ САМИДИН КЫЗЫ







## Китеп жөнүндө кызыктуу фактылар

- Эң алгачкы кыргыз китеби 1911-жылы Казан шаарында басылып чыккан. Ал Молдо Кылычтын "Кыса-и-Зилзала" деген китеби болгон;
- Жыгач бетине жазылган алгачкы китеп биздин заманга чейинки I кылымда пайда болгон. Бактан кичинекей тактайчаларды жасап, анын бетине мом куюшкан. Мом жумшак кезинде текшиленип, катыгандан кийин анын бетине курч металл таякча менен жазышкан;
- Жер бетиндеги эң байыркы китеп катары Присстин папирусу аталат. Ал биздин заманга чейинки 3350-жылы түзүлгөн. Бул китеп байыркы Фивы шаарындагы пирамидалардын биринде табылган;
- Байыркы Ассирияда ылайдан китеп жасашкан. Бул китептин узунтуурасы 32 сантиметрди түзсө, ар бир барагынын калыңдыгы 2,5 сантиметрге жеткен. Мындай калыңдыктагы барактар 1 китепте 10дон 100 даанага чейин болгон;
- Дүйнөлүк статистикага таянсак, китеп сатып алуучулардын жарымы 45 жаштан ооп калган адамдар жана алардын көпчүлүгү айымдар болуп эсептелет;
- Йелск университетинин окумуштууларынын изилдөөсү боюнча, 3-класска чейин окуй албаган окуучулардын төрттөн үч бөлүгү ошол бойдон шар окуй албай калышат;
- Китеп ууруларын «библиоклептоман» деп аташат. Эң атактуу библиоклептоман Стивен Блумберг жалпысынан 268 китепканадан 23 миңдей китеп уурдап, чогултkан;
- Дүйнөдөгү эң чоң китеп Амстердамдагы музейлердин биринде сакталган. «Деңиз шарттарынын жыйнагы» аталган китептин туурасы 1 метр, узуну 1,5 метр, калыңдыгы 0,5 метрдей.

# Ишти 2-3 миң сом менен баштаса болот

Бүгүнкү күнү өлкөбүздө күнөскана иштетип, жаз-күз дебей элди жашылча, мөмө-жемиш менен камсыз кылам дегендер анча көп эмес. Кыргызстандын эң жаш ишкерлеринин катарын толуктаган, «Жашыл чарба» агрохолдингинин башчысы Тилек Токтогазиев күнөсканада жашылча өндүрүүнүн сырлары менен бөлүштү

## Соодадагы алгачкы жылдарым

Жогорку окуу жайга тапшырып жатканда эле соода-сатык менен алектенип баштагам. 18 жашымда рейка сатып алып, соода кылууга ылайыктуу будка жасаганбыз. Киев-Дзержинский көчөлөрүнүн кесилишинде сок сатчумун. 1 айча болуп калганда бир күнү будкабызды бирөө талкалап, ичиндеги оокаттарды тоноп кетиптир. Ушул окуя болгондон кийин көңүлүбүз катуу чөккөн. Бирок «Бул да жашоонун бир сыноосудур» деп кабыл алып, кайра алдыга умтулганбыз. Дагы аракет кылалы, жаңы нерселерди ойлоп таап көрөлү дегенбиз. Анан «Ала-Тоо» кинотеатрына кирип ижарага орун сурадык. Башында макул болгон эмес. Өжөрлүк менен бир айдай суранып жүрүп, ижарага жер алып иштеп баштаганбыз. 1-курсту аяктап жатканда мына ушундай нерселерди баштан өткөрдүк.

## Майрам күндөрү 30 миңге чейин таптык

Биринчи кислород менен байытылган коктейль жасап саттык. Бирок эл аны түшүнбөй, бир аз кыйын болду. Көпчүлүк жаштар жаңы бизнес баштап жатканда "Элде жок, жаңы нерсени ойлоп табыш керек» деп ойлойт. Андай ой анча туура эмес экен. Мен бизнес чөйрөсүнө аралашкандан кийин бир нерсени түшүндүм. Коомго жаңылык киргизүү бир аз оорураак болот экен.

Эгерде 2-3 бизнесиң болсо анда жаңы бизнес ойлоп таап, ошого акча салсаң болот. Жок, эми араң биринчи, жаңы бизнесиңди баштап жаткан болсоң, анда баары билген, түшүнгөн өндүрүм менен иштешиң керек экен. Ошон үчүн биз кислороддук коктейлди элге түшүндүрүп сата албай жүрдүк. Аягында ойлоп көрсөк пайдасы деле жок экен. Башында берилип сатып жатканбыз. Андан кийин сүт менен жасалуучу коктейлге өттүк. Кичинекей балдар жакшы көрөт, колага окшогон суусундуктарга караганда пайдалуу дагы.

Ошентип ишибиз алга жүрүп баштады. Мурда кислороддук коктейль менен күнүнө 300 сомго соода кылсак, кийин сүт менен жасалган коктейлди 1000-1500 сомго чейин сата баштадык. 14-февраль, 8-март күндөрү бир күндө 30 миңден ашык сом таптык. Ишемби, жекшемби күндөрү эл көп келет. Андайда 4-5 миң сом таап жүрдүк. Ошентип жүрүп бир айдын ичинде эле короткон каражаттын баарын актадык. Андан кийин «Октябрь» кинотеатрына ачканбыз. Кийин «Космо-Парк» салынып жатканын угуп анын ээси менен да сүйлөшүп, ал жерге да ачтык.

## 1 чарчы метрден 25 кило

Жеке бизнести бутуна тургузууда жакшы тажрыйба топтогон соң жаңы багытта иштеп көрүүнү чечтик. «Жашыл-Чарба» агрохолдингдин түзүлгөнүнө быйыл туура 2 жыл болду. Ага чейин 2 жылдай 1-2 сотых жерге күнөскана иштетип жүрдүм. Элдерге бул иш тууралуу түшүндүрдүм. Кыргызстанга 30дан ашык күнөскана салып чыктым. Ошондон кийин өзүм да күнөскана салып иштейин деген чечим кабыл



алдым. Натыйжада шериктештерди издей баштадык. Анан 2014-жылы июль айында холдингибиз түзүлдү. Көбүнчөсүн помидор, бадыраң өстүрөбүз. Мурдагы жылдары курулуш иштери жүрүп жатканына байланыштуу күнөсканаларды толук кандуу ишке киргизе албай калганбыз. Башында 30 сотых болчу. Андан кийин кеңейтип жатып 60 сотыхка жеткиздик. Быйыл буюрса, 1 чарчы метр жерден 25 кило түшүм өндүрөбүз деген мерчем бар.

Бардык нерсени баштап жатканда чоң тобокелчилик, актай аламбы деген коркунуч болот. Бирок менин бир мүнөзүм бар. Бул балким жакшыдыр, балким жамандыр, бир Кудай билбесе. Кыскасы, бир иш көңүлүмө жагып, туура келип кала турган болсо, дароо эле кеттик дейм. Артка кайтпайм. Ошентип ишти баштап, бир-эки кадам таштагандан кийин эле көйгөйлөр чыга баштайт. Аларды чечиш керек. Бир нерсени баштагандан кийин аягына чыгыш керек да.

Айрымдар айыл-чарбага акча салбаш керек, жоготуп аласың деп айтышкан. Бирок ага чейинки иш тажрыйба деген бар бизнесте. Ага чейин эле башка бизнестин түрү менен иштеп жүргөнүм үчүн өзүмө ишенип ишти баштадым. Негизинен өндүрүлгөн товар азырынча Бишкекте эле сатылат. Учурда орусиялык компаниялар менен сүйлөшүүлөрдү баштадык. Буюрса, өндүрүштүн көлөмүн чоңойтуп, Орусияга да саталы деген ниеттер бар.

## Биздин күнөскана курсубуздай курс таппайсыз

Күнүнө эң аз дегенде 14 саат иштейм. Эртең менен жетиде турам да, бассейнге түшүп, анан бир аз спорт менен машыгам. Түшкү саат 12:15ке чейин күнөсканада болом. Андан кийин кайра офиске келип, бул жактагы балдар менен адаттагыдай иш мерчемдери тууралуу сүйлөшөбүз. Андан сырткары, жаңы күнөскана куруу, аны иштетүү туурасында да курс ачып жатабыз. Курсубуз шаршемби, бейшемби, жума күндөрү саат 18-00дөн 21-00гө чейин болот. Катышам дегендерге баасы 6000 сом. Бул курстун 9 сааты теорияга негизделсе, калган илим жана тажрыйба биздин күнөсканада 1





айлык практика учурунда үйрөтүлөт.

Эң негизгиси, биздин курста берилген сабак жана күнөсканадагы өздөштүрүү иштерин башка жерден табууга болбойт. Мен буларды үйрөнүш үчүн изденип, ар кайсы өлкөлөргө барып келдим. Мисалы, Орусия, Кытай, Өзбекстан жана башка мамлекеттерге. Ошол жактан топтоп келген тажрыйбаларым, маалыматтарым бар. Мындай нерселер интернетте да жок. Алып келген китептердин арасынан керектүүлөрүн окуучуларыбызга берип жатабыз. Анткени жума сайын көптөгөн кишилер: «Кеңеш бере аласыздарбы? Күнөскана иштетүүгө кызыгып жаттым эле», - деп чалып сурашчу. Менде кээде убакыт болуп калат, кээде болбой калат. Анын үстүнө жарым саатта күнөскана жөнүндө кеңири түшүндүрүп бере да албайм. Ошондуктан атайын ушундай курс ачтык. Андан сырткары, өзүмдүн кетирген каталарымды да айтып берем.

## Чоң-чоң долбоорлорду жазгым келет

Жалпысынан эсептеп көрсөк, өндүрүшкө азыркы учурга чейин 30 миллион сомдон ашык акча салынды. Ошонун ичинен 2-3 млн. сом жаңылыштыктарга эле кетти. Башкача айтканда, абага кетип калды десек болот. Мен деле жаңы баштап жатканда башкалардын тажрыйбасын изилдеп чыгып анан баштагам. Ошого карабай көп каталар кетти. Ишкерликти жакшыртуу максатында жылына кеминде 2 өлкөгө барып келем. Алыскы өлкөлөрдөн Мексика, Америка, Колумбия, Индияга бардым. Болбой эле бир нерсе жетишпей жаткандай туюла берет. 7 жыл мурун жаңы бизнес баштап жаткан учурда кандай кызыгуум жана күч-кубатым болсо, азыр деле ошондой. Негизи чоң-чоң долбоорлорду жазып, глобалдуу нерселерди ишке ашыргым келет.

## Ата-энем «элдин батасын ал» деп өстүргөн

Дүйнө жүзү боюнча алсак, Испанияда 26 миң гектар күнөскана бар. Ал эми союздук өлкөлөрдү баарын бириктирип карай турган болсок, ашып кетсе 4 миң гектар чыгат. Испанияны көрүп аябай таң калдым. Кыргызстандын да 2-3 жерине күнөскана комплекстерин ачсакпы деп ойлоп калдым. Эгер ушул оюм ишке ашып кала турган болсо, анда Кыргызстанды толук бойдон мөмө-жемиш менен камсыздайбыз. Андан сырткары, коңшулаш мамлекеттерге да экспорттойбуз. Дүйнөнүн ар кайсы бурчунан ар түрдүү бактарды алып келип өстүрүп, сейил бак кылсамбы деген да ойлор бар. Кийинчерээк бактар чоңоюп калганда, көзүмдүн тирүүсүндө мамлекетке, же жергиликтүү бийликке белек кылып, элдин батасын алсам дейм. Анткени баарыбыз тең бул дүйнөгө конок болуп келебиз да, кайра кетебиз. Ата-энем да кичине кезимден эле: «Элдин батасын ал! Ошондо гана бактылуу болосуң», - деп айтышчу.

Бул агрохолдингди ачуу максатым боюнча айтсам, азыркы күнү дүйнө жүзүндө агрардык өлкөлөр көп эмеспи, мына ошолор менен теңтайлашуу үчүн ачтым десем болот. Кыргызстанда көптөгөн технологиялар жетишпейт. Жаңы техникаларды алып келип айыл-чарбаны өнүктүрүш керек. Жаңы бизнес баштап жаткандарга сунушум, дыйканчылыкка көп акча салбагыла дейт элем. 2-3 миң сом менен эле иш баштаса болот.

ТААЛАЙ МАМБЕТОВ

# Ааламда соолугус кудурет инсандыкка не берет?

Технологиянын тез өнүгүүсүнөн улам «салттуу» мунай менен газ жана «түгөнгүс» делген күн жана шамал энергиясын өндүрүүгө кеткен чыгымдар бирдей боло баштады. Ошондуктан алардын ортосундагы атаандашуу күчөп, энергетика базары кайра бөлүштүрүлүү алдында турат. Бул базар канчалык тез өзгөрөт деген суроого кайчылаш жооптор берилүүдө

## Таш доору таш түгөнгөндүктөн аяктаган эмес

Сауд Аравиянын мунай жана минералдык корлору боюнча мурункү министри Ахмед Заки Ямани айткандай, таш доору таш түгөнгөндөн улам аяктаган эмес. Металлдарды иштетүү боюнча арзан технологиялар пайда болгондуктан, таштын кереги жок болуп калган.

Келерки жылдары маалымат технологиялары жаңылыктарды эң көп киргизген тармак болорун баары эле айтып жатышат. Энергетика сыяктуу салттуу делген тармактарда жакынкы он жылдыкта катуу деле өзгөрүүлөр болбойт деген божомолдор бар. Бирок кээ бир көрөгөч серепчилер бул багытта да чоң ачылыштар доордун босогосун аттайын деп турганын айтып чыгышты.

Салттуу энергетикалык булактарды алмаштыруу үчүн мерчемделип жаткан заттар үч критерийге жооп берсе, максатка ылайык болот. Анын кору учурдагы энергетика булактары менен теңтайлашкан көлөмдө болуусу керек. Аны ишке киргизүү үчүн колдонулган технологиялар бар болуусу зарыл жана эң негизгиси – алар башка заттарды ишке киргизген технологиялардын баасында же алардан арзан болгону жакшы.

## Күн энергиясы үч жүз эсе арзандады

Салттык энергетика булактары менен ат салыша алган тармактар кайсылар дегенде эң көп кубатты күн бере алары белгилүү. Күн биздин жерге бир сааттын эле ичинде дүйнө экономикасы бир каржаганчалык энергия берет. Бизге жылуулук берип турган жылдыз ушул көлөмдөгү тапты дагы миллиарддаган жыл берип тура алат. Демек күн адамзат үчүн колдонуп түгөтө албагандай булак десек жаңылбайбыз.

Күн такталары деп аталаган күн энергиясын иштеткен технологиялар жүз элүү жылдан бери белгилүү. Бул панелдерди адамзат күнүмдүк турмушунда акыркы элүү жылдан бери пайдаланып келет. Кырк жыл мурун күн панелдери менен 1 ватт кубат 76 долларга өндүрүлсө, учурда ага 0,3 доллар гана сарпталат. Акыркы жылдары күндөн алынган кубат башка технология менен өндүрүлгөн энергияга салыштыра аларлык арзандап калды. Бул салттык ыкма аркылуу алынган энергия менен күндөн алган кубат сарамжалдуу керектөөчү үчүн бирдей болуп калды дегендик. Ошентип күн сыяктуу «түгөнгүс» энергияны иштеп чыгуу мурун ага каржыланган каражаттан кымбат болсо, учурда ал экономикалык жактан өзүн актай баштаган учуру.

## Шамал менен күн бири-бирин толуктайт

Азыр шамал энергетикасы да кепке алына баштады. Бул ресурс күнгө салыштырмалуу азыраак болгону менен шамалдан кубат алуу энергетикалык туруктуулукка өз салымын кошо алгандай даражага чыкты. Шамал энергетикасы күндүкүнө караганда технологиялык жактан көп чыгымдарды талап кылганы менен илимдин өнүгүүсү аны да айланып өткөн жок. Учурдун жеңил жана бекем материалдары улам бийик шамал генераторлорун орнотууга мүмкүндүк берүүдө. Түркүгү канчалык бийик болсо, шамал ошончолук күчтүүрөөк жана туруктуураак болот. Бул эки көрсөткүч көбүрөөк электрэнергияны иштеп чыкканга жана кубаттын баасын түшүрүүгө шарт түзөт. Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча, шамал менен күндүн кубат берүү мүмкүндүгү бири-бирин толуктап турат экен. Күн тийгенде шамал токтойт, киргенде күчөйт экен. Ошондуктан же күн, же шамал энергетикасын өнүктүрүү керекпи деген маселе бекеринен чыккан эмес. Алдыдагы жылдарда эки технологиянын бирдей өнүгүүсү күн санап эселеп артат.

## Электрунаалар атаандаштыкты жеңе баштады

Күн такталары менен шамал генераторлору көмүр жана газды базардан сүрүп чыгарууга жетиштүү болсо, мунайды унаанын кыймылдаткычы менен бирге электр кыймылдаткыч сүрүп чыгармакчы. Электр унаалары буга чейин кубат топтогон батарейкаларынын чоң жана оор болгонунан улам дизель жана бензин менен жүргөн унааларга уттуруп келген. Бирок жаңы технологиялар бара-бара электр жана мунай менен жүргөн гибриддик кыймылдаткычтарды ишке сала баштады. Алар суюк отунду беш эседен аз сарптагандыктан узак мөөнөт колдонулса, кожоюндарынын чөнтөгүнө бир топ эле каражат үнөмдөп беришет. 2016-жылдын март айында болсо «Tesla» компаниясы толугу менен электр кубатына өткөн унааны сатыкка чыгарды. «Tesla Model 3» аттуу автомобиль 35 миң доллар турат жана бир кубатталган боюнча 350 чакырым жорголоп берет. Бул болсо салттык унаалар менен атаандашуу үчүн жетиштүү көрсөткүч.



## Мунай качан уттурат?

Учурдун энергетикалык тактысында мунай отурат. Ага болгон талап XX-XXI кылымдарда көбөйүү үстүндө гана болгон. Себеби ага болгон талап дүйнө экономикасынын өсүшү менен бирге өсүп отурган. Ушул тапта барган сайын оңой чыгарылып, арзан сатылган мунай азаюуда. Ар бир кийинки баррель оор жана кымбат болуп келе жатат. Мунай базарындагы тең салмактуулук көп өндүрүү жана жогорку баада сатууда жарышууга негизделген.

«Түгөнгүс» деп сыпатталган күн жана шамал кубаттарын иштеп чыгуу өтө кымбат болгондуктан, алар энергетикалык базарга таасир бере алган эмес. Бирок учурда салттуу жана түгөнгүс энергияны өндүрүүгө кеткен чыгымдар бирдей болуп баштады. Ошондуктан алардын ортосундагы атаандашуу күчөп, кубат өндүрүү базары кайра бөлүштүрүлүү алдында турат. Бул базар канчалык тез өзгөрөт деген суроого кайчылаш жооптор берилүүдө.

«Tesla» компаниясынын негиздөөчүсү Илон Маск 2013-жылы күн энергетикасы жыйырма жылдын ичинде биринчи орунга чыгат деген ой айткан. Буга кайчы пикирди «Exxon Mobil» компаниясынын башкы директору Рекс Тиллерсон билдирген. Ал: «Биз тез өзгөрүүгө күбө болобуз. 2040-жылга чейин күн кубатын пайдалануу 20 эсеге өсүшү мүмкүн. Бирок ушунча ыкчам өссө да, күн энергиясы жалпы өндүрүлгөн кубаттын 2%ын гана түзө алат», – деген. Тиллерсондун сөзү ошол эле жылы иш жүзүндө четке кагылган. Аны колдонуу 2013-жылы эле Рекс болжогон 2%ды ашып түшкөн.

## Учурду тарых менен өлчөгөндө...

Энергетика тармагы адамзат тарыхында эки чоң секирик кылган. 150 жыл мурун энергия булагы катары колдонулган жыгач отун доору аяктап, таш көмүр мезгили башталган. Адамзат элүү жыл ичинде көмүргө толугу менен өтүп бүткөн. Бирок ал тактысына турган маалынан баштап эле жүз жыл мурун мунай жана газ тарабынан шыпырылып түшкөн. Дүйнө 1900-жылдан баштап мунай менен газды пайдаланууну кайра эле элүү жыл ичинде 80%га жеткирген.

Эми бүгүнкү күнгө кайталы. Инвестициялык банктар менен энергетикалык сереп борборлору жарыша «мунай менен газ жаңы энергетика булактары тарабынан тарыхтагы буга чейинки секириктерге караганда базардан бир топ узак мөөнөттө сүрүлүп чыгарылат» деген ой жорумдарын айтып келишет. Бул серепчилерди унутчаактыгы, карьерасын аксатып алуу жана өтө эле акылдуусунгандай көрүнүп калуу коркунучу эскичил ой жүгүртүүгө мажбурап келет десек болот.

## Кубат булагынын өзгөрүүсү Жакынкы Чыгыш менен Орусияны аксатты

Энергетика тармагынын абалынын өзгөрүүсү көп мамлекеттин макроэкономикалык абалын копшойт. Андан сырткары, ал валюталык курстарга, салттык жана жаңы энергетикалык компанияларга, энергияны керектөөчүлөргө гана таасирин тийгизбей, энергетикадан узак тармактарды да солкулдатат.

«Bloomberg New Energy Finance» аналитикалык агенттиги мунайдын баррели 100 доллардан 50гө түшкөн акыркы эки жылда кайсыл мамлекеттер утуп, кимиси утулганын эсептеп чыккан. Анда эбегейсиз ири суммалар ары-бери аккан. Бул анализ боюнча утушка Азия (жылына + $400 млрд), Европа (жылына + $300 млрд) жана Америка (жылына + $200 млрд) жеткен. Жакынкы Чыгыш (жылына – $350 млрд) менен Орусия (жылына – $200 млрд) чыгымга учураган.

Бул сандар энергетика базарында мунай менен газ бийлеп турган учурдагы абалга тиешелүү. Эгер келечекте ал экөөнү күн жана шамал энергиясы сүрүп чыгара баштаса, ондогон миллиард доллар бир мамлекеттен экинчисине өтүүсүн уланта бермекчи.

***(уландысы бар)***

ВИТАЛИЙ КАЗАКОВ
Slon Magazine

# “Кыялдар тизмеси” (The Bucket List)

## Дүйнөлүк мыкты 250 кинонун ичинен 188-орунда

Байыркы египеттиктер адам баласы бул дүйнө менен кош айтышканда кудайлардын алдында улуу суракка алынарына ишенишкен. Алар адамды ары өлчөп, бери өлчөп туруп, жан жыргаткан бейишке, же азапка салган тозокко жиберишчү экен. Ишеним боюнча кудайлардын чечими мындай караганда оңой эле көрүнгөн: Суракка тартылган адам тагдырына, басып өткөн турмушуна ыраазыбы, же ыраазы эмеспи деген эки суроодон көз каранды болгон.

2007-жылы сценарист жана режиссер Роб Райнер “Кыялдар тизмеси” аттуу көркөм фильм тартып, жогорудагы суроолорго тасмадагы эки каармандын кыял-жоругу, түшүнүгү жана ой-жорумдары аркылуу жооп издөөгө аракет жасаган. Ушуну менен бирге адамдын бул дүйнөдөгү жашоо-турмушу, анын маани-маңызы, сүйүү темалары да козголгон. Албетте, буга чейин мындай ыргакта өнүгүп отурган окуялар көптөгөн тасмаларда чагылдырылып келген болчу. Бирок бул тасмада аталган теманын тереңдиги башкаларга караганда мазмундуураак, чыныгы жашоого жакын берилген.

Мындан тышкары, дүйнө кезип, саякатка чыккысы келгендер үчүн бул тасма өтө чоң белек десек жаңылышпайбыз. Мисалга алсак, Египеттеги миңдеген жылдар бою асман тиреп турган пирамидалар, улуу махабатты чагылдырган Индиянын Агра шаарындагы “Таж-Махал” комплекси, чокусун көк муз каптап турган кол жеткис бийик Гималай тоосу жана ошондой эле Танзаниядагы “Масаи-Мара” улуттук паркынын жаратылышы, “Улуу Кытай сепили” сыяктуу көз жоосун алган кооз жерлерди көрүүгө болот.

Бул тасма 2007-жылдын башында дүйнөнүн ар кай жеринде, тактап айтканда, он бир тарыхый, маданий жерде тартылган. Ошондой эле, бүтжети баш-аягы 45 миллион долларды чапчыган.

Тасманы көргөндөн кийин ар бир адамдын жүрөгүнүн түпкүрүндө жашоо-турмушка болгон жаңыча көз караш пайда болуп, каармандарга окшоп Кудай алдына барганда жер карап калбаш үчүн бул дүйнөдө бүтүрүп алуучу зарыл, өтө маанилүү иштердин тизмесин түзүү каалоосун ойготот.

## Тасманын таржымалы

Бир топ жашка барып калган афро-америкалык Картер Чемберс (Морган Фриман) өмүрүнүн басымдуу бөлүгүн унаа оңдоого арнаган. Ал өз өмүрүндө баарына үлгү болуп, үй-бүлөсүнө камкор болуп, эки уулун жана жалгыз кызын жакшы тарбиялап, бутуна тургузуп, жашоодо өз ордун табууга шарт түзүп берген. Ал жаш кезинде тарых мугалими болгусу келгени менен шарты болбой калгандыктан орто жолдо таштап койгон. Анын мындан башка да өнөрү бар эле. Ал өтө зээндүү болуп, укканын дароо эсине түйө алгандыктан, ар кандай телевикториналарда берилген суроолорго туура жооп бере алчу. Бирок күндөрдүн биринде анын рак оорулуу экени билинип, жакындары аны ооруканага жаткызышат. Ал жерде бир бөлмөдө ошол оорукана менен бирге дагы 15 бейтапкананын ээси Эдвард Коул (Жек Николсон) менен таанышат. Ал киши баарын башкарып, каалаган нерсесин алып көнгөн неме эле. Жактырбаган адамын дароо эле көз көрүнөө мазактап салчу. Палатага жаңы кирип келгенде да анын айтканына караганда, шайтанга окшогон, али жакындан тааныша элек Картерди териси сүйбөй турду. Бирок айла жок, бир бөлмөдө жатканга туура келди. Кантсе да көз караштары, менталитети эки башка адамды башка түшкөн жалгыз балээ, дабасы жок оору жакындатты. Химиотерапиялык дарылануудан кийин экөөнүн тең жарым жылдык, а ашып кетсе бир жылдык өмүрү калганын айтышат. Ошондо гана экөө өткөн күндөрүн эстеп, мындан кийин бул жашоого кандай жакшылык калтырарын ойлонуп калышат.

Бир күнү эртең менен Картер Чемберс акыркы сапарга узаардан мурун үлгүрүп жасап калчу кээ бир иштердин тизмесин түзүп койгон болот. Алардын ичинде дүйнөдөгү эң керемет окуяга күбө болуу, эң мыкты темир тулпарды айдап көрүү, бейтааныш адамга жакшылык жасоо жана көздөн жаш чыккыча күлүп алууга окшогон кыялдар бар эле. Мындай жеңил-желпи ой менен жазылган тизмени чогуу жаткан кошунасы көрүп калат да, кээ бир жерин өзүнүн ойлору менен толуктап туруп, ишке ашырууга бел байлайт. Ал акыркы жолу Египеттеги пирамидаларды көрүп, дүйнөнүн эң бийик чокусу Эверестте болуп, түндүк уюлду айланып учуп, Африканын жапайы жаратылышын аралап, парашюттан секирип, жада калса, татуировка тарттырып алууну каалаган эле. Чириген бай ооруканадагы кошунасына бул кыялдарды чогуу ишке ашырууну сунуштайт. Бир эсе бүйдалып отуруп Картер да макул болот. Ошентип, жаңы таанышкан эки абышка дүйнөнү айланып сапар алышат. Алдыда кызыктуу саякат, баалуулуктарга жаңыча көз караш күтүп турган эле.

## Тартылышы

Тасманы тартууда «Castle Rock Entertainment», «Zadan/Meron Productions», «Storyline Entertainment» жана «Two Ton Films» сыяктуу бир канча америкалык киностудиялар эмгектенишкен. Роб Райнер болсо режиссерлукту өз моюнуна алган. Тасманын сценарийи Джастин Закэм тарабынан эки жумада эле жазылып бүткөн. Ал эң алгач бул сценарийди атайын Морган Фриманды башкы ролго ылайыктап түзүп чыккан. Эң кызыгы Джастин Закэм 90-жылдардын башында чиймелеп койгон бир катар окуяларды дал ушул сценарийге колдонуптур. Ошондой эле, тасмада кызыктуу бир топ энциклопедиялык маалыматтарды да бере кеткен.





| | |
|---|---|
| **Жыл:** | 2007 |
| **Өлкө:** | АКШ |
| **Ураан:** | «Өлгөнгө чейин жыргап ал!» |
| **Режиссер:** | Роб Райнер |
| **Сценарий:** | Джастин Закэм |
| **Оператор:** | Джон Шварцман |
| **Композитор:** | Марк Шэймен |
| **Жанр:** | драма, комедия |
| **Бүтжет:** | $45 000 000 |
| **Убакыт:** | 97 мин. / 01:37 |



## Негизги ой

Бул жашоого эмнеге келгенибизди билүү үчүн канча убакыт керек? Бир жыл, он жыл, балким бүтүндөй бир өмүр керектир? Тарых мугалими болууга умтулуп жүрүп, шартка байланыштуу ал кыялын жыйыштырып турууга мажбур болгон, андан кийинки 45 жылы көз ачып жумганча өтүп кеткен башкы каармандын сөздөрү эске түшөт. Бир караганда кулакка жаман угулат, бирок адам баласы болгон соң ойлонуп коюу керек. Көбү эле алдына койгон максатын, кыялын ар кандай шарттарга жараша таштап койгон учурлар болгон. Бирок жылдар өтүп, өмүр деген дарыя агып кеткен соң ошол кыялдарына, максаттарына убакыт бөлө албай калганына өкүнүшөт. Күнүмдүк көр оокаттын артынан кууп жүрүп маанилүү, зарыл нерселерди унутуп, эстен чыгарып коебуз.



Колдо бар алтындын баркы жок демекчи көпчүлүгүбүз колдон сыйгаланып чыгып бараткан нерсени гана чындап баалап, баркына жете баштайбыз. Башкы каармандар да мурда жашоого мынчалык катуу суусап, акыркы 3 айдагычалык ар бир көз ирмемге ыраазы болуп, кубанып, сүйүнүп жашаган эмес. Албетте, бул тасма ар бир адам баласы үчүн суроо узатат. Бул дүйнөдө өтө маанилүү нерсе эмне? Чыныгы адамдык баалуулуктарга жете алдыкпы? Деги турмуштагы максатыбыз кайсы?

Мүмкүнчүлүктөрүбүз, байлыгыбыз, мансабыбыз, бийлигибиз канчалык чексиз болсо да, чыныгы зарыл нерселер башкада экенин жеткирүү аракети жасалат. Булар бир гана үй-бүлө жана сенин жакындарың экендигин далилдейт. Ошондуктан башкы каармандар өлүм босогосунда ушул баалуу нерсени түшүнүп, үй-бүлө жана жакындары менен болгон мамилелерин оңдогонго бел байлашат.

АЗАТ ЖАПАРБЕК

# Ар кимден калган ар кептер

Бул жолу фейс-бетти толтурайын деп интернет барактап орчундууларын иргеп чыгайын десем жалаң эле Түркия маселелери талкуу болуп жатыптыр. Түрк элинин тышкы иштер министри Чавушоглу Кыргызстанга эскертүү берип, ага кыргыз тарап катыра жооп кайтарыптыр. Бирок байкасам гезит беттери менен башка ЖМКлар аны жайнатып эле жазып салган экен, натыйжада мен алардан калганын жазбай эле коёюн дедим. Аңгыча эле бери жактан айтылуу акын Зайырбек Ажыматовдун «Бирдеме деп коёюн десем, же Гүленди таанybайм, же Эрдоганды таанабайм. Фейсбукта элден чыгып калат экен киши...» дегенин көрүп, кой ансыз да башы айланып турган кыргызды чыгынтып албайын деп түрк темасын нары таштадым дагы, өзүбүздүн эле көнүшкөн жазарман, айтарман, билермандардын баракчаларына кирип барып, жазгандарын жазгандай, айткандарын айткандай сууруп алып, иргеп-иргебей туруп элге сунуп көрөйүн деп чечтим. Эмесе, шашылбай окуп, зерикпей талкуулап коюңуз окурман...







## Нургазы Мусаев: Жазылбай калган некролог

Жамалбек досум бүркүтчөсүнөн катуу качырат. 2012-жылдын февраль-март айларында Ош шаардык кеңешине шайлоо болуп, "Замандаш" партия кожоюну Эмилбек Өмүракунов партиянын Борбордук Аппаратынын башчысы Акылбек Сейитов экөөбүздү Ошко жөнөттү. Үгүт иштери кандай жүргөнүн, добуш берүү кандай өткөнүн жаза берсең сонун комедия чыгат.

Кеп башкада. Мен бир айдан ашык Ошто жүрүп калдым. Бир айдын ичинде Жамалбек эки килтейген сайтты ачып, дүңгүрөтө бетачар өткөрүп, бул иштин баары бекер бүтчүбү, зуулдап турган "Форестер-Ланкастер" күлүгүнүн башын жеп отуруп калган экен.

Ошол сайттарга иштейм деп Сталбек Мамыралиев деген жашы отуздан өтсө да нукура бойдок жигит келген. "Ланкастердин" акчасы ада болуп, аны менен кошо сайттын да иши токтоду. Бирок Сталбек офисте жашап кала берди. Кийин Эрнис Кыязов "Калемпир" деген сайт ачып, ошол жакка барып иштеп калган эле кайран жигит.

Пышылдап дайым шашып жүргөн неме Сталбек. Жакшы жазат, курч жазат. Телеберүүлөрдү абдан кызыктуу кылып даярдайт. Ал ортодо Юруслан Тойчубековдун эшек чатагы чыгып, кайран кыргыз жебеген самсыга пул төлөп, эшек жеди деген токонаалатка калды. Бишкектин ондогон кафелерине жалган жалаа жабылды. Алардын ичинен эң жабыркаганы Чолпонбай ажынын "Жаңыбайдын жаңы самсасы" чайканасы болду. Чолпонбай менен тээ союз убагында армияда чогуу кызмат кылганмын. Мындайча айтканда, чалгынга чогуу барганмын.

Досума жардам берейин деп 2 айча жүрдүм. Коомдук пикирди буруу, жалган жалаадан арылуу оорго турду. Күн-түн дебей иштедик. Ар кандай иш-чараларды өткөрдүк. Телеберүүлөрдү уюштурдук, гезиттерге макалаларды жарыяладык. Ошондо биринчилерден болуп Сталбекке чалдым. Пышылдап 20 минутта жетип келди. Ага чейин Чолпонбайга журналисттер чыгып, өз кызматын сунушташкан экен. Бир белгилүү сайт 15 минуттук телеберүү даярдап берем, акысы 100 000 сом болот дептир.

Стал келип: "6000 сом болот, брат!" – дегенде Чолпонбай ошол жерден пулду санады. Баскан-турганы күлкүлүү неме экен Стал. Бир шалдыраган "Пассат" айдап алышыптыр оператору экөө. Пассаттын бензини "Жаңыбай самсага" 50 метр жетпей өчтү. "Байке, май куйбасаң болбойт" деди. Аябай күлүп акчасын бердик.

Кызыктуу телеберүү болду. 3 күндө даярдады. Сайттарга койдук. Андан башка да көп иш-чаралар болду. Кайсы бир деңгээлде чайканага кардарларды кайтардык.

Эшек-гейт абайлабай сүйлөгөн бир журналисттин осол ишинен улам келип чыккан уят иш болгон. Андан сырткары, ошондогу Өкмөт мүчөлөрү менен Юруслан Тойчубековдун дүнүйө талашы, бирибиринен өч алуу үчүн жасаган кадамдары бүт кыргызды дүйнөгө шерменде кылды. Буга териси сыйрылган эшектердин азыр деле өлкөнүн ар кайсы аймактарынан табылып жатышы далил. Көрсө, бу жаныбардын териси аябай кымбат бааланат экен.

Чолпонбай Исмаиловдун иши болсо аксап калган жери жок. Былтыр чайканада иштеген бир жигитке Бишкектен 4 бөлмөлүү үй сатып берип, "Дасмияда" дүңгүрөтө тоюн да өткөрүп берди. Дагы бир таластык жигитке өз туулган жерине үй салып берди. 85ке чыккан энесин мойнуна көтөрүп ажылыкка алып барды. Жаркыраган ашкана цехин, заңгыраган жаңы зал салды. Элге айтпай канчалаган кайрымдуулук иштерин жасады. Мына ак эмгектин акыбетин Аллах Таалам эселеп кайтарууда.

Ал эми Сталбек иним ошол бойдон жок болуп кеткен. Кийин 2-3 жолу чайканага барып, конок болуп, анча-мынча тыйын алып турганын уктум эле.

Фейсбуктан бир кыз менен сүйлөшүп, укмуш романтика болуп жатышкан. Кийин бир мас болуп: "Ой, байке, кыз эмес эле периште экен. Жолуктум. Тааныштым" деп бир чалып кайра жок болуп кеткен.

Кечээ түнү саат 4.30 да Жамалбек билдирүү жазыптыр мага «Үкөөм, Стал кряк-нул» деп. Анысы өлүптүр дегени. Сталбектин түрү суук, башы-көзү канжалаган фотосун да салып жибериптир. Каңырыгым түтөп, некролог жазмакчы болуп калгам. Анан кайра бир аз убакыт өтүп: "Нукен, Мирлан Самыйкожо алдап койуптур. Тирүү экен Стал. Мирлан Самыйкожо тамашалап коюптур" деген билдирүү келди.

Жеңилдене отуруп калдым. Жамалбек Самыйкожого алданып эле басып жүрөт. Бир жолу Каныбек Иманалиев болуп чалыптыр Самыйкожо. "Ай, Жамаке, мен бул жердемин, келип кал!" – деп. Барса Каныбек эмес, таш-балакет жок.

Самыйкожо "өлтүргөн" Сталбек иним аман бол! Романтика болуп жаткан кызыңа эртерээк үйлөн. Өмүрлүү бол, каралдым! Тамашалашып жүргөнгө кудай жеткирсин.

## Данияр Өскөнбаев: Оштогу көчө китепкана тууралуу

Эми минтип биздин шаардын ортосундагы скверде дагы алып окуп кайра коюп кетүүчү китеп шкафы ачылыптыр. Көрүп аябай сүйүндүм. Заманыбызды ондоп, мекенибизди алга сүрөп кетчү күч бул китеп окуган жаштар деп эсептейм. "Адамдар экиге бөлүнөт, китеп окугандар жана китеп окугандардын оозун тиктегендер" деп айтылат эмеспи. Ошондуктан китеп окуу бул укмуштуудай чоң жетишкендик. Мен дагы китеп алып келип койсом деп ойлоп койдум. Ушул текчеге үмүтүм аябай чоң, бир жагынан чочуп да турам. Корккону бир айдан кийин китеп эмес текчени да бузуп кетишпесе экен. Адамдардын абийирин, акыл деңгээлин сыноочу китеп текче болуптур. Окуп, рахаттана бериш керек.

## Тынчтыкбек Чоротегин: улуттук кийимдер тууралуу

Бабаларыбыз, чоң аталарыбыз энелер тиккен чапандарды кийип жүрүшчү. Анан Кеңеш өкмөтү доорунда европалык кийимдерге көбүрөөк тап койдук. Чапандарды той-торопоодо жана жыйындарда гана кийип калдык. Калпак эле эмес, улуттук чапандарды да көбүрөөк кийишибиз керек экен. Эми уздарыбыз жайкы учурларга ылайык жука кемсел, чапандарды да тиге башташты. Илгери Махатма Ганди дини жагынан ар башка болгон мекендештерин үндөгөндөй, биздин айдыңдарыбыз дагы улуттук кийимдерди өздөрү да кийип, калайыкты маданий мурасыбызды сактоого үндөшү керек болуп турат.

Көп сандаган агайларым, курдаштарым, инилерим азыр улуттук чапан кие башташты. Көч башында, албетте, өнөрпоздорубуз турат!

Кыргыз айымдары болсо улам жаңы улуттук чапандын үлгүсүн кулпуртуп, бири-биринен өтүп кийип жүрүшөт. Бул дагы чейрек кылымдык эгемендик доордогу маданий өзгөрүүлөрдүн шарапаты.

Быйыл чын куран (апрел) айында кыргыздын тунгуч этнограф айымы Какен Мамбеталиеванын маарекесине арналган илимий жыйында кийген (бул сүрөттөгү) чапанымды жана жакасыз улуттук көйнөгүмдү "Оймок арт" студиясынын жетекчиси, таланттуу дизайнер карындашыбыз Айжан Акылбекова өзү бычып тиктирген. Уздарыбызга алкыш айтабыз!

## Тынчы Атбашингтони: чоңдордун «доля» сурамайы


Шордуу кыргыз... Шойкомдуу бийлик... Жаңы эле бирөө менен маектештим, Европалыктар менен мыкты мамиледе экен. Ушу тапта, чехтер, финдер кыргыз өкмөтүнө ири долбоорлорду сунуштап, айрыкча, медициналык тармакка жардам берип кызматташалы дешсе, биздикилер ар шылтоону айтып, ар кимиси "доля" сурап, жарым жылдан бери эрмектеп жатышат дейт... А бизде күн сайын ооруканада кезек көбөйдү, операциянын кымбаттыгынан өлүп атабыз чекебизден, гемодиализге жетпей жапжаш жандар жайроодо. Балдарыбыз кыйналып, карыларыбыз каралбай жатат. А бийликке бир тыйын...

# Адамдарга жакшылык кылуу мен үчүн эң маанилүү

Чыгыштын бир өлкөсүндө акылы өлкөгө күн сыяктуу жарык берген өкүмдар жашаптыр. Анын көсөмдүгү менен байлыгына пенде аттуудан эч бир жан теңеле алган эмес. Бир күнү эле өлкө кызматында жүргөн бир атка минер өң-алаттан кетип, падышага минтип кайрылат:

– Оо, улуу султан, сен биздин өлкөдөгү эң кеменгер, эң улуу, эң күчтүү адамсың. Сенин колуң өмүрдүн узарышына да, өлүмдүн жакындашына да себепчи боло алат. Бирок мен шаарларды, айыл-кыштактарды аралап жүрүп, өзүң жөнүндө элден түрдүү кептерди угам. Кээ бирөө сени даңктап жатса, кээ бирөө сени жерге киргизе жамандап, шыбап жатат. Алар сенин акылдуу чечимдериңди сындап, кылган иштериңди келекелеп жатышат. Оо, урматтуум, сенин мамлекетиңде ушундай ээн ооздук болуп жатканын кандай түшүнсөк болот, – дейт. Султан акырын жылмайып, буга мындай деп жооп узатты:

– Менин өлкөмдөгү көпчүлүк сыяктуу эле, карамагымдагы калкка кылган кызматымды сен деле билесиң. Өлкөнүн бардык дубандары мага баш иет. Менин жүргүзгөн саясатым менен баарынын иштери жүрүшүп, көпчүлүгү бай адамдарга айланышты. Адамдар мени калыстыгым үчүн сыйлашарын да жакшы билем. Албетте, менин колуман көп нерсе келери тууралуу сен туура айтасың. Чоң-чоң шаарлардын дарбазасын жаптырып койгонго кудуретим жеткени менен, душмандарымдын оозун жабуу такыр колуман келген жок. Мен тууралуу кимдир бирөөлөр кандай гана жаман сөздөрдү айтпасын, өлкөмдөгү адамдарга жакшылык кылууну, кызмат кылууну гана мен эң маанилүү нерсе деп эсептейм, – деген экен.



# Атаке, Кудайдан корксоң боло...

Бул адам Эр-Рияд деген шаарда жашайт. Өмүрүнүн көпчүлүгүн шааншөкөт менен өткөзүп, болор-болбос нерселерге убактысын жумшап койгон. Көкүрөгүндө, жашоо-турмушунда Кудайга орун жок эле. Өмүрүндө бир да жолу мечиттин босогосун аттап, бир да жолу Кудай алдында белин бүгүп көрбөгөн. Өз башынан өткөндөрдү ал төмөнкүчө баяндайт: "Ар түндү таң атканча досторум менен сайрандап, убакытты бекерчиликке күйгүзчү элем. Өмүрлүк жарым болсо менден айырмаланып, Кудайдын момуну. Байкуш таң атканча мени саргара күтүп, түндү уйкусуз өткөрчү. Азыр гана ага туура эмес мамиле жасап жүргөнүмдү моюнума алып отурбаймынбы. Аны канча таарынтсам да, канча ыза кылсам да, тагдырына көнүшүп, мага чыдап жашап жүрдү.

Пайда-батасы жок достор менен өткөргөн катардагы салтанаттан кийин түнкү саат үчтөрдө үйгө кайткам. Түндүн калганын кыскартайын деп көчүрүп келген киномду көргөнү компьютерге отургам. Жайланып алып кино көрө баштадым.

Бул учур Жараткандын пенделерине кайрылып: "Мага кайрылганың барбы? Мен жооп берейин. Тобоо кылганың барбы? Мен кечирейин. Менден бир нерсе сураган барбы? Мен берейин" деген түнкү турган учур эле.

Капыстан эле эшик ачылып, эшиктин босогосунда мени тикирейип карап турган беш жашар кызым пайда болсо болобу. Бир азга унчукпай карап туруп: "Ата, уятыңыз барбы сиздин? Кудайдан корксоңуз болбойбу! Кудайдан корксоңуз болбойбу!" – деп эшикти тарс жаап чыгып кетти. Кызымдан мындайды күтпөгөн жаным делдиреп эле отуруп калыптырмын. Кулагымда "Атаке, Кудайдан корксоң болбойбу" деген сөзү жаңырып тура берди.

Ушул сөздөр жан дүйнөмө тынчтык бербей бир далайга отургандан кийин кызым уктап жаткан бөлмөгө баш бактым. Карасам катуу уктап калыптыр. Чынын айтсам, өзүмдү ошол тапта келесоо сезип турдум. Бул эмнеси? – деп ойго батып турсам, коңшу мечиттен сопунун мукам үн менен багымдат намазына чакырган азаны коюу түндү кубалап бараткандай туюлду.

Көпкө ойлонбой туруп эле, шашабуша даарат алып мечитке жөнөдүм. Ушунчалык намаз окугум келип баратты. Кулагымда дале болсо кызымдын эскерткен үнү жаңырып баратты. Мечитке жетип эле имамдын аркасына намазга турдум. Ал курандын аяттарын окуп, саждага кетип жатты. Мен да аркасынан жазбай туурап жаттым. Токтоно албай буркурап ыйлап жибердим. Ушул жерден Алланын жакындыгын сездим. Жүрөгүм да кызыктай жумшарып баратты. Бул ый менин жүрөгүмдү ишенимсиздиктен, эки жүздүүлүктүн туткунунан бошотту. Көкүрөгүм ишенимге толуп, тобоо кылып жаттым. Намаздан кийин үйгө кайтып келдим. Уйкум да келген жок. Таң атпай жумушка кетип калдым. Мүдүрүм таң атпай келгениме бир чети сүйүнүп, бир чети таң калып турду. Менин күндө кечиккениме ал көнүп деле калгандай. Эрте келгенимдин себебин сурады. Болгонун болгондой айтып бердим. Ал мага: "Эми Алланы даңктап, сени чыныгы туура жолго салганга себепчи болгон кызыңдын бар экенине шүгүр кыл", – деди. Түштөн кийин эмнегедир, үйгө эле кетким келе баштады. Жетекчимен суранып алып, шаша-буша жолго чыктым. Үйгө келип мени чыныгы жолго кайтарган кызымды көргүм келип турду. Кызым менен сүйлөшүп, аны кубандыргым келип жатты. Үйгө кирип эле көзүнөн жашы салаалап, унчукпай гана ыйлап турган аялымды көрдүм. Жамандыктын жышаанын сезгендей жүрөгүм болк этти. Эмне болуп кетти? – деп сураганымда, "Сенин кызың... – деп эле сүйлөй албай, бетин колу менен жаап алып мукактанып ыйлай берди. Кайра эмне болгонун сураганымда: "Өлүп калды", – деди. Анын жообу мага чагылгандын огундай эле тийди.

Көздөрүм караңгылашып, буттарым чалыштап өзүмдү кармана албай өңгүрөп ыйлап жибердим. Ушундай абалда канча убакыт отурганымды билбейм, эсиме келип Кудай менин ишенимимди ушундай кайгы менен сынап көрөйүн дегенин түшүндүм. Досумдун телефон номерин терип, аны чакырсам, дароо эле жетип келди. Кызымдын сөөгүн аруулап жууп, ак кепинге ороп жаназасын окудук. Досум: "Эми коштошуп ал" деп кызымды колума карматты. Көздөрүм жашка толуп аны жүзүнөн сүйүп, ээсине тапшырдым. Жаңы эле өмүрүмө жарык берген шооланы өшентип караңгы жерге жашырдым.

Орусчадан которгон:
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Ата-бала

"Дордой" жаңы конушундагы көчөлөрдүн биринде эки киши жулмалашып жаткан экен. Өткөн-кеткендер топтолуп карап турушат. Мен деле көрүүчүлөрдүн катарына кошулдум. Сураштырсам, жулмалашкандар көптөн бери ушул конуштагы жайнаган ижаралардын биринде жашаган ата-бала экенин айтышты. Базарда араба түрткөндөрдүн фартугун кийген, жедеп кара жумуштан кайышкан, күнгө күйгөн, бир аз кекеч сыяктуу киши – жаңы эле жумуштан келген атасы, кийингенинен, сүйлөгөнүнөн, кыймыл аракетинен, дердендеп басканынан "төшөгүнө карабай бут сунганы" көрүнүп турган жигит- арабакечтин жалгыз уулу экен. Атасы уулуна бирдемелерди айткысы келип чуркап келип, кайра өз ачуусуна өзү муунуп, баласын чапкылап кирет. Уулу уялган киши болуп атасын кучактай калып өздөрү жашаган бөлмөгө сүйрөп киргизип, өзү кайра жулунуп чыгып каякадыр жөнөп калат. Арабакеч кайра баласынын артынан чуркап чыгып, уулун үйүн көздөй тарткылайт. Атабала кайрадан жулмалаша түшөт. Бир маалда атасы чулдурап : "...балам, ушуну менен экинчи жолу ысыкка күйүп, суукка тоңуп бир тыйындан топтоп жүргөн акчамды уурдап кетип жок кылып койгонуң кандай, ыя? Биринчисинде досуңдун машинасын талкалап төлөп берген экенсиң. Мен ошол акчаны өзүм үчүн эмес, сен үчүн топтоп атпайт белем. Сага жок дегенде эптеп алакандай жер алып, үңкүр болсо да үй салып берсем деген тилегиме жетпей койдум го... Бул акчаны эмне кылып жок кылдың? Жок дегенде ошону айтчы?" –деп ызылдайт. Тигиниси дулдуңдап жөнөп калат. Атасы кайра: " ...макул эми, акча кара жерге кирсин, болгону азыр эч жакка кетпечи балам. Ачууң менен бирдеме болуп алба. Кечирип койчу мени..."- деп коёт... Туй ата, мага концерт бутту! Бул - сынтага турган да окуя эмес. Бул... билбейм эмне деп айтышты.

ЗАЙЫРБЕК АЖЫМАТОВ

# Кызды окутуп сүйдүрүп алсам болобу?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0558-71-76-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Айт күнү кир жууса өлгөн маркумдун көзү ачышат, кийим тиксе көзүнө ийне сайылат деп ырымдап жүрүшөт. Ушул туурабы? Аллахым ыраазы болсун, рахмат.**

***Жооп:*** Жок, бир боорум. Андай айтылган маселе жок. Болгону, айтты айтка ылайык майрамдык шаани менен өткөрүү сүннөт болгондуктан, элибизде сиз айткан кеп айтылат.

Эгерде, жума же айт күнү кир жууй турган болсоңуз, ошол кир жуу иш жараяны майрамдык маанайды пайда кылууга себеп боло турган болсо, анда кир жууган, же үй жыйнаштырган сооп болот. Имам Бухарий жана имам Муслим риваятында Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Жума күнү гусул алуу ар бир бойго жеткенге ваажып!" Хадистин мааниси: эл чогулган коомдук жайларга катышууну каалаган адамдар таза жунуп, жаман жыттардан арууланып катышуусу милдеттүү. Аруулануунун шарттарынын бири таза кийимдерди кийинүү болот. Таза кийимди кийүү үчүн аны жууганга туура келет. Мына ушул максатта кир жууса күнөө болбойт, тескерисинче, сүннөткө амал кылган болот.

А бирок андай максатта эмес, жөн эле жумуш кылайын деп майрамдык маанайга маани бербесе, анда бул адам кандайдыр бир деңгээлде күнөөкөр болот. Имам Тирмизий, имам Абу Дауд, имам Насаайй, имам Даримий, имам Ахмаддар риваят кылган хадисте Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Арапа күнү, Курман айт күнү, Ташриик күндөрү, биз мусулман журтчулугунун майрам күндөрү! Бул күндөр тамак-аш ичүүнүн күндөрү." Хадистен көрүнүп тургандай, бул күндөрү орозо кармаган жакшы эмес. Кээ бир аалымдардын пикиринде орозо кармоо майрамдык маанайга туура келбеген көрүнүш болгондуктан, ар бир эле жумуш майрамдык маанайга туура келбесе, ошол эле учурда аны аткарбай коюу шариятта күнөөкөрчүлүктү талап кылбаса, андан оолактануу жакшы жумуш болуп эсептелет. Муктаждыгы жок болсо майрам күндөрү үй жыйнаштырган, кир жууганды ошол себептен болбойт деп айтып келишкен.

Кеменгер кыргыз муну бир ооз сөз менен "Койчунун кызы кой келгенде иш кылат" деп айтып койгон. Кээ бир кайсар адамдар айт күндөрү иш кылып калат кыйратсанчып, башка күндөрү уктайт. Ошолорго айтылган кеп. Туурасын Алла Таала билүүчү!

**2) Мен оронуп жүрөм, бирок Москвага барсам жоолугума карап окууга да, ишке да албай койду. Чечип койсом болобу?**

***Жооп:*** Жок, бир тууганым! Ишке, же окууга кирүү үчүн жоолугун чечип салуу динибизге туура келбейт. Жоолуксуз окугандан көрө окубай ак койгон жакшыраак. Жоолук парз. Сени багуу ата-энеңе, эркек бир туугандарыңа парз. Турмушка чыксаң, жолдошуңдун багуусу парз. Алардын баары жок болсо, диниң бузулбаган абалда жумушта иштесең болот. Мисалы, жалаң аялдар иштеген жерде жылаңбаш иштесең жарайт.

**3) Мен операция жолу менен төрөгөм. Курсагымда тырык бар. Угушумча Алланын алдына таза барыш керек экен, мындайча айтканда, денеге бычак тийгизбей. Ушул чынбы? Анан баламды да көргөн жокмун. Чарчап калыптыр. Өзүм 4 күн комада жатыпмын. Дарыгерлер болсо баары Кудайдан дешип, башка сөз айтпай коюшту. Кудай берген баланы айы-күнүм жетип ооруканага басып келип ушундай абалга туш болуп олтурсам, өзүң өлсөң да баланы куткарыш керек болчу деген сөздөрдү уктум. Ушул уккандарым чынбы? Жооп берип коё аласызбы?**

***Жооп:*** Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт. Адамдардын сөзүнө маани бербе. Ит үрө берет кербен жүрө берет. Керек болсо курсагыңдагы тырыгың төрөгөндүгүңө, тирүү менен өлүүнүн ортосунда ажал менен арбашып, ары барып бери келгениңе күбө. Ким тирүү калат, ким акыретке сапар тартат, ал Алла Тааланын иши. Өзүң комада жатсаң, аны кантип тирүү сактап калмак элең? Эмчегинде сүт болуп туруп бербей койсоң, же шалаакылык кылып ысык суугa күйгүзүп алсаң, же иштеймин деп аны бакпай койсоң, жыйынтыгында өлүп калса, мына ошондо күнөөкөр болмоксуң... Маселе сен айткандай болсо, сен күнөөкөр эмессиң...

**4) Айт күндөрү кандай жүрүш керек? Эмнелерди кылса болот жана эмнелерди кылбаш керек?**

***Жооп:*** Айт күнү мусулман пендесинин төмөндөгүдөй адептерди кармануусу жакшы иш:

1. Айт намазын окуу үчүн айт намаз окула турган жайга чыгуудан мурда үстү-башын жууп тазалап, гусул алуу; Пайгамбарыбыз алайхис салам Орозо айтка чыгардан мурун гусул алып чыгар эле. (Имам Малик, Муватта 428).
2. Орозо айтка чыга турган адам бир нерсе (үч төрт даана курма) жеп, ал эми Курман айтка чыга турган адам эч нерсе жебей айт намазга барып, намаздан кийин чалынган курмандыктын эти менен оозанганы жакшы иш. Пайгамбарыбыз алайхис салам Орозо айтка чыгарда так сандагы курма мөмөсүн жеп чыгар эле. ( Имам Бухарий 953).
3. Такбир айтуу: "Аллааху акбар, Аллааху акбар, Лаа илааха иллаллооху валлооху акбар! Аллааху акбар! Ва лиллаахил хамд". Айт күнү айт окулчу жайга чейин утур-утур айтып баруу сүннөт. Курман айт күндөрү намаздан кийин айтыла турган такбир, Арафат күнү Багымдат намазынан башталып, тээ айттын үчүнчү күнү Аср намазына чейин 18 намазга айтылат.
4. Айт менен куттуктоо; Мусулмандар бири-бирин айт менен куттуктап, "Кудай окуган намазыңызды кабыл этсин, жакшылыктарга жеткирсин!" деген тилектерди бири-бирине айтуу да жакшы иш. Сахабалардын доорунан бери келе жаткан берекелүү амал. (Фатхуль Баарий, 2\446, Иснады хасан)
5. Айтка жасануу: Жакшы атырларды куюнуу, жакшы кийимдерин кийүү, оозун мисвак менен тазалоо, бут кийимдердин жакшысын кийүү, сакал-чачтарын иретке келтирүү ж.б.у.с. (Бухарий 948, Ибну Хузейма 1765).
6. Айт окулчу жайга бир жол менен барса, кайтканда башка жол менен кайтуу. (Бухарий 986). Көп адамдарга салам айтуу, аларды айт майрамы менен куттуктоо, жаш балдарга майрамдык белек берүү сыяктуу жакшы жөрөлгөлөргө мүмкүнчүлүк берүү.
7. Кыргыздарга тиешелүү дагы бир жакшы салтыбыз – тууган-урук, таанышсуунуштарды аралап айттоо;

**5) Мен күйөөм менен ажырашып кеткем. Аны менен ажырашарда күйөөмдүн досуна турмушка чыкмак болуп, күйөөмөн талак сурасам бербей койгон. Ал кезде мен Орусияда, күйөөм Кыргызстанда болчу. Талак бербей койгону үчүн нике кыйдырган жокмун. Бирок бир айдай аял-күйөөдөй болуп жашадык. Тигил күйөөм экөөбүздүн ортобузда бир уулубуз бар. Мен тиги бала менен урушуп кетип, жашай албай Бишкекке келип алгам. Азыр мурунку күйөөм элдешели деп жатат. Бирок элдешкенден да уялып жүрөм. Башкага турмушка чыгам деп кайын журтума уят болгом. Ошол себептен элдешпей жатам. Сизден кеңеш сурайын дегем. Буга кандай карайсыз?**

***Жооп:*** Эми сен, карындашым, жакшылап тооба кыл! Чындап ыйласа сокур көздөн жаш чыгат дейт. Андан кийин бир айыз (этек кир) өткөрүп туруп, кайрадан мурунку күйөөңө бар. Адашкандын айыбы жок, кайтып үйүрүн тапкан соң деп айтат кеменгер журт. Талак бербегенден кийин никени жаңыдан кыюунун зарылчылыгы жок. Уялуунун кереги жок. Ким эле баарын жайында кылып, периште болуп кетиптир. Кам сүт эмген пенде болгондон кийин катачылык кетет. Маселе, ал катаны кайра кайталабай, туура жолдо жүрүүдө.

Ал эми, жанагы бир аз күнөө кылып жашап калган күйөөңүздүн досу менен бет келишпегенге аракет кылыңыз.

**6) Биздин айылда мечитте жума намазынан кийин этият шарт бешим окулат. Ошонун кереги барбы, жокпу? Тактап алайын дедим эле.**

***Жооп:*** Көпчүлүк ханафий мазхаптын аалымдары этиет пешим окуганды жактырышат. Мен да ошолорду колдогон илим изилдөөчүлөрдөн (таалиб илим) болуп эсептелем.

**7) Муфтияттан чыгарылган намаз календарында куптандын убагы 22:25те экен. Азанды 22:15те чакыра берсе болобу?**

***Жооп:*** Календарды карап, так аткаруу милдеттүү болот.

**8) Менин бир кыз, бир уулум бар. Балам эки жашта. Эмчектен бир жашар кезинде чыккан. Бирок экинчимди төрөгүчө оозуна салып уктачу. Азыр кызым жыйырма күндүк. Балам чырдап ыйлап жатат. Экөөнү тең эмизсем болобу же жокпу?**

***Жооп:*** Эки жарым жашка чейин эмсе боло берет. Бирок, сүт кыздын акысы. Кыз тоюп, андан ашкандан кийин гана уулуңузду эмизсеңиз болот. Валлоoху аьлам.

**9) Биздин бир балабыз бар, жолдошум баланы бир жаш алты ай болгондо сүттөн чыгарып (себеби ошол маалда окууга тапшыра турган маал болот) мени медресеге окутуп, "Өзүм башка аял алам. Сен медресени бүткөнчө башка там салып берем" деп жатат. Бирок менин окуп, илим-билим алгым келет, Аллах жолунда.**

***Жооп:*** Кандай ой жүгүрткөн адам экен сенин күйөөң деп ойлонуп жатам. Кандай болгон күндө да кеңешип кескен бармак оорубайт. Сага үй салып бергени, сенин илим алганың жана анын экинчи аял алганы ар башка маселе. Күйөөң сага адегенде үй салып берсин, андан кийин экинчиге үйлөнгөндүн аракетин көрсө жакшы бол-

MAGNAT ТАКСИ
1496
0772 89 55 77
Жарыя! Жарыя!
Шашылганда шап келет
Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77
БАШТАЛЫШЫ
40 сом
10 сом
АР БИР ЧАКЫРЫМГА
Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!



гону турат. Бала эки, эки жарым жыл эмгени сүннөткө ылайык болот.

**10) Орсок тишти брекет коюп түздөсө болобу? Атам Кудайдын бергенине шүгүр кылуубуз керек деп каршы болуп жатат.**

**Жооп:** Орсок тишти брекет коюп түздөсө болот. Ал эми түптүз эле тишти, андан да сулуулатам деп ортосун ачтырып өгөөлөтсө болбойт.

**11) Биз үч күндүк мастуратка май айында чыкканбыз, эми экинчи жолу кайсы айда чыгышыбыз керек? Июлдабы же августтабы?**

**Жооп:** Ошол региондогу мечиттин машварасынан сурагыла.

**12) "Ак шумкар - жаштар коомдук бирикмеси" жөнүндө өз оюңузду билдирүүңүздү суранат элем. Рахмат.**

**Жооп:** Бул Темир Аргенбаевич Сариевтин "Ак шумкар" партиясына тиешеси барбы же кандай? Темир мырзаны кыргыз элинин патриот жигити, чыгаан саясатчы катары билем.

**13) Москва шаарына эч бир махрамсыз жөнөп атабыз. Бизге махрам эркектер даюс болуп калабы, же кандай?**

**Жооп:** Ооба. Сизди караган жоопкер махрамыңыз кыяматта жооп берет.

**14) Эгер кыз хижап кием десе, бирок ата-энеси уруксат бербесе кыз эмне кылат? Ата-энесинин сөзүн угабы же хижап кие береби?**

**Жооп:** Жоолук Аллах Тааланын парзы. Ата-энени сыйласын, жоолугун салынсын.

**15) Мен бир кызды жакшы көрөм. Аны окутуп сүйдүрүп алсам болобу? Ага үйлөнөм деген ниетим бар.**

**Жооп:** Окутуп-чокутуп деген болбойт. Жарамсыз жумуш. Кудайдан корк. Алла Таалага кайрылып дуба кылсаң, кабыл болсо ажеп эмес.

**16) 2014-жылы келин алдык. Диндеги, оронгон медик кыз. Бир балалуу болгондон кийин адамга жакпаган өнөрлөрү чыкты. Мисалы, көзүнө бир нерселер көрүнөт. Көчөгө чыкканда аркасынан бирөөлөр видеого тартат имиш. Эки жүздүү кыялы бар экен. Психикалык жетишпестиги бар экен. Ата-энесин чакырсак алып кетип, 20 күн өтпөй дарылаттык деп алып келишти. Өз үйүнөн балта, дагы көп нерселерди алып келген. Окутулган деп ойлойбуз. Ошондон бери уруш жаңжал...**

**Жооп:** Айыл аксакалдары, эл жакшылары бардыр ошол тегеректе. Ошолорго салгыла...

**17) Баланы 2 жаштан өткөндөн кийин эмизсе арам болобу?**

**Жооп:** Эки жарым жаштан кийин деп айтылат. Анткени, ал убактан кийин ал эненин акысына кирип калат.

**18) Чачы өрүлгөн аялдар гусул алганда чачына жөн эле масх тартса болобу?**

**Жооп:** Ооба. Чачтын астында калган баштын терисине суунун толук жетүүсү шарт.

# Кубулжута сайраган Дамударуп



Анткени менен кумурзстандыктар дагы өтө шайыр кумурскалар келет. Куйруктары кыймылдап, курсак бийлерин бийлей албаса да, колдорун койкондотуп, моюндарын шылкылдатып бийлеп калышат кээде. Кээде болсо карылдап-дарылдап ай-талааны бербей ырдап, тегеректеги курт-кумурсканын мазесин алышат. Айрыкча, алыскы уялардагы бит кайтарган бала кумурскалар менен күтүрөтө жөргөмүш айдаган чала кумурскаларды карап турсаң тим эле заңкылдайт чиркин. Ай талаага жан бүтөт деген ошол. Бирок, аларды деле түшүнсө болот. Алар го бош. Алдыга түшкөн бит менен жоргологен жөргөмүш ырдабасаң деле, ырдасаң деле кетет. Мына бу Ак уяда отуруп алып заңкылдап ырдагандарды кантиш керек, ушул жагы чатак болду кумурзстандыктарга.

Же булар дагы эле баягы Кутурман бек Бакстын уулу Мактым Баксча «5 түмөн битим бар» деп калганбы? Кыскасы, чыңкылдап эле дутар чалып, кыңкылдап эле ырдап калды. Жогорку Данектин данекбаштары болсо «Эми тишибизди жуубай, сакалыбызды албай бир эс алалычы» деп туш-тарапка чачырап кеткен. Катуу чарчаган немелер эми эки ай эс алат. Эс үчүн жоготуп, бүгүн-эртеңин унутуп эс алышат го, чиркин. Бирок, бери жакта Дамударуп менен Геликс Фулоп деген немелер эс алгыдай эмес. Эч ким тура электе уяларынан чыгып алып келечек тууралуу кобураша баштышты. Болгондо да бүтүндөй Кумурзстан менен ар-намыс, ариет тууралуу сүйлөшүп, кыйла чурулдашты экөө.

– Биз эмки хайлалоодо эч кимди ырдатпайбыз жана бийлетпейбиз. Бизге бир гана Латвуянын сандыктары керек. Ошондо гана чыныгы уякан тандалат, – деп акырын өзүн көргөзүп койкондоду Дамударуп.

Геликс Фулоп болсо адатынча дүмүрөйүп отуруп «Мага баары кызыксыз. Эч нерсеге кызыкпай калдым. Бирок, уякан болсом мен деле орсиче ырдап берем» деп кобуранды. Дамударуп аны уккан деле жок. Ал негизи эле Кумурзстандын бүтүндүгү тууралуу ойлоп атканда эч кимди, ал тургай өзү эмне деп атканын да укпай калат. Жөн гана сүйлөй берет, сүйлөй берет. Кудум башка эч кимге сөз калбай калса экен, сөздүн баарын мен түгөтүп салсам экен дегендей сүйлөйт. Чын эле, эгер сөз деген чектелүү болгондо Дамударуптан кийин башкаларга сөгүнгөн сөздөр да калмак эмес. Себеби, кээде ал андайлардын да башкаларга калтырбачудай колдонуп таштачу. Кутурман бек Бакстын убагында Жаникс Бакстын куттуктаган сөзүн болсо эмгиче эч ким колдоно элек. Балким бир күнү Гагахам Дамударуп анысын батенттеп алам десе кумурзстандыктар эмне болор экен? Себеби, эң сонун, эң укмуш, эң тандалган сөздүн баары ошол күнү Гагахамдын оозу менен Жаник Бакска арналган эле. Эгер анын баарын менчигине өткөрүп алса башкалар курулай эле келжирек менен отуруп калгыдай. Мына ушундай чегирткедей чечен неме куурайдын башына чыга калып, бүгүн да адатынча кубулжута сайрап, жыбылжыта толгоп, эң укмуш, эң кооз сөздүн баарын чекесинен сууруп чыгып колдонуп отурду.

Баса, учурдагы боштугунан пайдаланып ушундай көркөм сөз каражаттарын тиш жууп, бет чайкабай эс алып жүргөн Соцуял дөөбраттын данекбаштары да жер-жерге барып колдонуп көрдү. Бирок, негедир алардыкы Дамударуптукундай кубулжуп-жыбылжыбай жатты. Чинго Гакун башкы данекбаш болгондон бери Соцуялга жетекчи болуп бекиген Кися Гөбүрклоп канча аракет кылып, «соцуял эле соцуял» деп ырдаса дагы Дамударуптай таасир берген жок.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ



# УЗАК ЖОЛ

**Тарыхий роман**
**Автор:** Мукай Элебаев

***(уландысы)***

Жатар кез болду. Биз алты жетим бир жатабыз. Бизге төшөк салганда эч кимдин кабыргасына бата турган деле неме жок. Алдыбызга күндөгү көнүмүш кара кийизди жая салып, үстүнө бир жаман жуурканды таштай коёт. Бар болгону ушул. Эми башыбызга жеткен күнү тердик, желдик, тийип калат да, жетпеген күнү бу да жок.

Жаттык. Төрдө жаткан бирөө бат эле корулдап уйкуга кетти. Тышта кутурган бороон карды челип, ыргытып турат. Жел бардык күчүн жыйнап келип урганда, жаман үзүк делпилдеп, үйдүн жыгачтары кычырагандай болот, ирегеде чийдин бир жыртыгынан эрегишкендей борошо кирип, айдап алган карды коломтого чейин буркуратып таштап турат.

Беккул кереге жак четте жаткан. Ал да ушүгөн белем, бир кезде буту-колун жыйнап, бүрүшүп, бери жагына оонап жатты. Ошол мезгилде түнкү бороонго кошулуп, алыстан бир коңгуроо дабышы безеленип келе жаткандай болду. Дабыш улам жакындаган сайын катуулап келе жатат.

Элебес сак жаткан белем:

— Кокуй, жетип калды! — деп ыргып туруп, караңгыда керегеден бирдеме издеп кайсалап жүрүп мени ойготту.

Аңгыча болбой бу жерге келип калганбы:

— Оо, Чодон! Оо, Элебес! — деп бирөө жолчуларды катарынан кыйкырып ойготту да, өзү токтобой зуулдатып айдап кете берди.

Чыла жыттанган караңгы кепеде токулуу турган даяр аттарды мине коюп, биз да кечикпей жөнөдүк. Мен Бурмакенин чапанын чубалтып, тонумдун сыртынан кийип алгамын. Аттанганда этеги бутумдун учуна оролуп калды.

Ушундай калайман түшкөн караңгы, бороондуу түндөрдө кулактын кужурун алып, алда кайдан ызылдап келе жаткан коңгуроонун тириде жок ачуу дабышы шордуу жолчулардын жүрөгүнө далай тийген. Аларды таттуу төшөктөн уйпалап, далай ойготкон!..

Кетип калган почтого сабап отуруп ашуунун түбүнөн жеттик. Эми саал кечиксек көргүлүктү ошондо көрмөк экенбиз. Кар найза бою түшкөн. Мындайда почтонун аттарын чубатып кошот. Күндөгүдөй кылып аттарыбызды чананын алдына дароо кошуп жиберип, жөнөп бердик. Атаңдын көрү, кыянат арам, почтонун өз аттары деле ойноп чыгып кеткендей экен. Көрчү, алдында бараткан бизди тепсеп кеткени жүрөт. Амал жок, «Улуктун иши—кудай иши», улук кылган соң чара барбы?

Ашуунун орто ченине келгенде Элебес минген тору бышты кашайып туруп алды. Бул шордууну Бейшемби бүгүн Башариндин көпөсүн тартам деп минип барып курутуп келген. Муну көргөндөн кийин почтого бараткан төрө чанадан ыргып түштү да, Элебести чакырды. Элебес чанадан атын чыгарып, карга сороксорок сайылып төрөнүн жанына келгиче, ал бир жорук баштоочудай колун эптүүлөп, ондонуп турду...

Чакыргандагысы ошол экен: Элебести аттан калпактай учурду да, жаңы жааган терең карга будалап, кечикпей узунунан салды... Почто келгенде жолчулар кечигип, же ашуудан аты тартпай калса төрөдөн көрө турган сыйы башынан ушул. Бул жолчулар үчүн түбөлүк турган бир закон сыяктуу эле. Кечээ күнү Назыр бучук да жаман аты менен барып төрөдөн таяк жеп кайткан.

Биз ашуудан почтону чыгарышып, таңга жуук кайттык. Ушунун эртеси бир кырсык болду. Күн бешим убак эле. Бир кезде кошунабыз Байболот:

— Э кокуй Бейшемби, биздин үй менен силердин үйду Көлгө5 кууп кеткен турбайбы! — деп алактап биздикине кирип келди.

Байболот кырк чамасында, куйтуйган гана бекенек, чымыр киши. Чоң ачылбаган, бүтүйгөн, чылк каштуу көзү бар. Жүз камчыласа чым этпеген, казысы көнөчөктөй кашка айгыры бар болучу. Мунун «күлүктүгүн» ошондон баамда: кээде баласын урам деп айгырын минип алып кубалаганда жөө немеге жетпей калуучу.

Жаңкынын жөнү мындай экен: Мындан бир нече күн мурун Жылуу-Булактын оюнда өңчөй зөөкүрлөр бозо ичип отуруп мастыктан чатак чыгат. Чатак тышта башталат. Карымбай деген бир байдын баласы атчан бараткан бирөөнү чокмор менен көк желкеден ары берип калат. Ал ошол түнү кечке жатат да, жылдыз толгон кезде жан берет. Муну өлтүргөн жигит биздин эл — Боордон, өлгөн жигит Жапак уруусунан болот.

***(уландысы бар)***

# "Баластан" балдар журналы

Алгач 2013–2014-жылдары кичинекей окурмандар үчүн чакан китепчелерди даярдап, алардын китепке кызыгуусун арттырып, келечектин алтын муундарын тарбиялап келсе, 2014-жылдан баштап азыркы күнгө чейин "Баластан балдар журналы" аталып, жаш окурмандарга учурдагы жакшы жаңылыктарды, аңгемелерди, жомокторду, акыл-эсти өстүрүүчү оюндарды тартуулап келет. Ал эми анын дизайны, кооздугу, сүрөттөрүнүн жандуулугу азыркы адискөйлөрдүн жана технологиянын жардамы менен ого бетер көркүнө чыгып, замандын талабына ылайык журналга айланды.





## Эс алуу маданияты

"Баластан" балдар журналы быйыл айынын жыйырмаларынан баштап, кулжа айынын аягына чейин "VEFA" соода борборунда кичинекей балдарга бир жарым айлык лагер уюштурду. Лагердин кандай өткөндүгү, анын максаты тууралуу "Баластан" балдар журналынын башкы редактору Жаныбек Абидетегин төмөнкүлөрдү айтып берди: "Бул иш-чараны эс алуу үчүн оюн-күлкү, жаратылышы кооз жерге баруу гана жетишсиз экенин жана ката экендигин балдарга көргөзүп, эс алуу маданиятын үйрөтүү максатында өткөрдүк. Лагерде логикалык оюндар, арифметика, англис тил сабактары, спорттук оюндар, жарым сааттан китеп окуу сааты жана башка программалар болуп жатты. Китеп окуу саатында балдар акындары, төкмө акындар, көрүнүктүү ырчылар келип китеп окуп, кичинекейлердин купулуна толо маектешип жатышты. Келген балдардын көбүнчөсү жергиликтүү, Бишкек шаарынын тургундары болгону менен, Кыргызстандын башка аймактарынан да бирден-экиден келгендер болду. Шаардагылар айылга барып, чоң эне-чоң аталарынын жомокторун угушса, айылдагылар шаарга келип, жомок жазган жазуучулардын өз оозунан кеп угушту. Тарбиячылар тарбиялык сааттарды өтүп, кичинекей балдарга жүрүш-туруш маданиятын, дасторкон адебин, ата-энеге сый-урматты колдорунан келишинче үйрөттү. Тарбиячы катары өзүбүздө иштеген эжелерди жана мурун тарбиячы болуп иштеген тажрыйбасы бар бир эжекени алганбыз. Жалпысынан бизге келип катталгандардын саны 450дөй болсо, аягында 450дөн ашып кетти."



## Суроо-талап көбөйдү

Ошентип Бишкектеги лагерь бүткөндөн кийин ата-энелердин суроо-талабы менен "Баластан" журналы Ысык-Көл облусуна караштуу Чок-Тал айылындагы мектепте лагер уюштурган.

"Чынында, биздин көлдөгү лагерибиз бекер болгон жок. Ал жакта эс алуу үчүн ар бир баладан акы алдык. Ошого жараша эс алууну атайын пансионаттарда деле өткөрөлү дегенбиз. Бирок, андай жайларда балдарды окутуу үчүн өзүнчө бөлүмдөр болбогондуктан, эс алууну көл жээгине жакын жайгашкан, жатаканасы, заманбап ашканасы, кенен жана жарык класстары бар мектепте өткөрдүк. Эс алуучуларга төрт маал тамак берип, жылуу, таза жатаканага жаткырдык. Андан сырткары, көлдө да Бишкектегидей эле кызыктуу жомоктор, логикалык оюндар, математикалык эсептөөлөр, англис тили сабактары өтүп жатты. Балдарга сабактарды оюн катары өткөрдүк. Ал эми уул-кызы алыска кетип сар-санаа болгон ата-энелер үчүн "facebook" баракчасы аркылуу сүрөттөрүн чыгарып турдук. Бул эс алуудагы балдар менен ата-энелердин ортосунда түз эфир сыяктуу өтүп, бири-биринен кабардар болуп турушту. Башында 9-июлдан 14-июлга чейин бир топ менен барсак, 16-июлдан 21-июлга чейин экинчи топту эс алдырып келдик. Бардыгы жакшы болду. Биз келгенде ата-энелер "Мындай лагерди дагы качан уюштурасыңар?" – деп сурап жатышты", – деди журналдын редактору.

ЖЫЛДЫЗБЕК КУБАНЫЧБЕК







